*Чыныкан Нурдинова*

# СЕЗИМДЕГИ ОЙЛОР



*Чыныкан Нурдинова*

# *СЕЗИМДЕГИ ОЙЛОР*

СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ №

Ош 2014-жыл

УДК.821.51
ББК.84 КИ 7-4
Н 90

**Нурдинова Чыныкан**

***Н90 СЕЗИМДЕГИ ОЙЛОР-Ош: 2014. 120б.***
LSBN 978-9967-604-57-5

Чыныкан Нурдинованын бул китебине – ырлары, аңгемелери, массалык маалымат беттерине жарык көргөн макалалары жана өзү жөнүндө жазылган эки макала кирди.

Китепте адам жашоосу сезимден өткөрүлүп, ата мекен, эл, жер, бир тууган, ата-эне, жаратылыш, сүйүү жана мээнеткеч адамдар жөнүндө көркөм сүрөттөлөт.

Негизинен – китеп окуган адамды кайдыгер калтырбайт.

Китеп жалпы окурман журтчулугуна арналып чыгарылды.

Н 4702300100-14 УДК.821.51
ББК.84КИ 7-4

LSBN 978-9967-604-57-5
**© Нурдинова Чыныкан, 2014**

# ЫРЛАР

## Мээнетим

Бала күндөн мээнет менен чыңалдым,
Майышпастан кайраттанып, тынбадым.
Окуп, иштеп, ата-энемди кыйнабай,
Өз алдымча бул жашоого бет алдым.

Жумшасам мээнетимди мен илимге,
Балким мен докторлукту жактамакмын.
Анда да адамдыкты улуу коюп,
Өмүрүмдү калкыма арнамакмын.

Мээнетим миңдеген жүрөктөрдө,
Купуя мага болгон сезимдерде...
Үйрөттүм адамдагы улуулукту,
Алоолонгон сүйүүнү, сулуулукту.

Өзгөчө айырмалуу башкалардан,
Окуучу, студенттер мен окуткан.
Бир сөздүү, турмуш жолун так түшүнгөн,
Ак эмгек, мээнет менен суугарылган.

## Эй, адамзат!

Эй, адамзат аз гана сенин өмүрүң,
Көп кыйналып, азап чегип жүрбөгүн.
Андан көрө ыйман сурап кудайдан,
Мусурмандык беш парзыңды өтөгүн.

Канча болсо азбы-көппү айлыгың,
Кошо кетпейт жер алдына байлыгың.
Бак өстүргүн, бала өстүргүн бөпөлөп,
Бекер жүрүп, болбос ишти кылбагын.

Эй, адамзат көпкө көзүң артпагын,
Жетет сага, күчүң менен тапканың.
Алдамчылык, кара ниет иштерден,
Оолак болгун, азап чегип калбагын!

**Баяман, о кагылайын Баяман...**

Баяман, о Баяман жаным иним,
Эл алдында кызматың ак башымды ийдим.
Мынчалык күч аракет, мээнетиңди,
Элиң билет, урматтайт, сыйлайт иним.

Миң жыл мурда туулган эр Манастай,
Кинодогу жалын жүрөк каармандай.
Баяман, о кагылайын Баяман,
Калкың үчүн чыктың эле эч тайманбай.

Алла, таалам берген сага сыйкырдуу күч,
Ошол күчтү калдың иним пайдалана албай.
Артыңдан жүздөгөн Баямандар,
Жолуңду улантууга болоор даяр.

Чымыр дене палбандарды даярдап,
Аябадың акчаңды, "Алышты" ачтың.
Дүйнө элине кыргызды таанытам деп,
Жаштарды өстүрүүнү максат кылдың.

Кыска өмүрдө көп иш кылдың элиң үчүн,
Дагы деле кылаар ишиң миң сан эле...
Үлгүрүп, бирин бүтүп, бирин баштап,
Канча адамдан ыраазылык алдың эле.

Миң жылда бир жаралчу бала белең,
Эл-журттун керегине жарай турган.
Опол тоодой ишиң калды...
Жардам алчу өзүңдөн алсыз калды...

Баяман баатыр деген элде айтылып,
Эл Баатыры аталдың эл ичинде.
Баяман баатыр, чаап келе жаатыр-деп,
Эркелетчү Кавыс авам кичинеңде.
Девизиң "Эр жигит эл четинде, жоо бетинде".

Өзгөчө Баткенге кызмат кылдың,
Элинен ыраазычылык бата алдың.
Бүркүттүгүң, чыгаандыгың билинип,
Ызаттоого, кадырлоого арзыдың.

Баяман, о кагылайын Баяман,
Айтса сөз, жазса ыр көп түгөнбөгөн.
Дастан болдуң элинде, эч бүтпөгөн,
Даңкың калды тарыхта эскирбеген.
Баяман, о кагылайын Баяман...

## Ыр өмүрүң калат ыр саптарында

Кайда болсом, кайсыл жерде жүрсөм да,
Көңүлүмдөн ыр саптары куюлуп.
Кубанчымды жашыра албайм жадырап,
Гүлбагында жүргөн сымал туюлуп.

Кереметтей ойлор мени азгырып,
Күн сайын жүрөгүмдө жанат жалын.
Залкарлар жазган ырлар тынчымды алып,
Тизмектелип жүрөгүмдө ыр саптарым

Ыр жазуу улуу өнөр мансаптан да,
Эл баалап, калкка жакса, журт бааласа.
Байлык, бийлик баары калат, бул жалганда,
Ыр өмүрүң сакталат ыр саптарында.

## Калайыкка жүрөгүн арнаган бар

Күндөр өтөт зуулдап, өмүр өтөт,
Маңызын тирүүлүктүн сезбеген көп.
Сезгендер каймак болуп калкып чыгып,
Эл алдында жаркылдап жүргөндөр көп.

Журт алдында абийири таза болуп,
Өз элине жардамын бергендер көп.
Калайыкка жүрөгүн тартуу кылып,
Эл-журтуна өмүрүн арнаган көп.

Эл деп күйүп, эл үчүн эмгек кылган,
Жер эненин сырын туюп, билгендер бар.
Балбан билек, курч жүрөк эже-агалар,
Эмгек менен тарыхта калгандар бар.

Дилорам, Тургун эже пахта терип,
Тонналап ак алтынды жыйган эле.
Кой, малдын асылдыгын арттырууну,
Таштанбек, Данияр ага билген эле.

Дүйнө элине дүңгүрөтүп кыргыз элин,
Ажайып кооз керемет кыргыз жерин.
Эмгеги Айтматовдун өткүр чыгып,
Суктантты чыгыш, батыш, дүйнө элин.

## Ата-эне жана бала

Кудай таала ырыс бердиң, бак бердиң,
Таалаыма зор кудурет күч бердиң.
Өлчөмү жок ыраазы кылып жүрөктү,
Балдарыма оомат бергин, күч бергин.

Басса, турса балдарым – дейт, ата-эне,
Жүрөк согуп, өмүр өтөт тез эле.
Кандай гана кыйын күндөр болбосун,
Бала үчүн баарына даяр ата-эне.

Бар байлыгың бул дүйнөдө бала экен,
Дүйнө, мүлкүң убактылуу буюм экен.
Өз каныңды кылымдарга уланткан,
“Бала” деген улуу, ыйык жан экен.

## Ден соолук

Бардык тилек, ойлоруң орундалат,
Эгерде жакшы болсо ден соолугуң.
Онтоп турсаң, сыздап жаның кыйналып,
Мындан өткөн кыйынчылык болобу?

Жарыкчылык көз алдыңда карарып,
Катуу оору сай сөөгүңдү сыздатса.
Жандалбастап дүк-дүк согуп жүрөгүң,
Оору мыкчып, бүт денеңди  кыйнаса.

Ошондуктан, убагында кам көрүп,
Ден соолукту сактап, карап жүрөлү,
Бул жашоонун ырахаты ден соолук,
Жарык дүйнө кереметин сезели.

## Базар, базар

Базарда түрдүү адам, түрдүү буюм,
Агы да, карасы да, сарысы да,
Адам да ошол буюм сыяктанып,
Ар түрдүү, ичи таза, кээси кара.

Менменсип акчаны улуу көрүп,
Бирөөнүн эмгегин алдап, өөнөп.
Беймаза адаттарга абдан көнүп,
Адамдык сапатын жоготкон көп.

Бири врач, ырчы, юрист, мугалим,
Билимдүүнүн баары азыр базарда.
Көнүп калды үйдө калган балдар да,
Тарбиясы кандай болот мындайда?

Жакшынакай жарашыктуу кийинген,
Аракети өз ишинен билинген.
Тыкан, таза, сарамжалдуу мындан көп,
Өз ишине чын дилинен берилген.

## Сүйөмүн төрт мезгилди

Таң азанда күн күркүрөп, жамгыр жаады,
Ички үйдө жатамын уйкум каныып.
Табияттын табышмагын карасаң,
Күн да чыкты, жарык чачып жылмайып.

Күн нуру, жер бетине берип пайда,
Кечинде суйкайып чыгат айда.
Ай күнсүз кантип жашайт адамзаты,
Табият табышмагы кызыктуу да.

Табияттын төрт мезгили төрт башка,
Кимге кайсыл мезгил жагат ар башка.
Бирибиз аппак карлуу кышты сүйүп,
Бирибиз жашыл, сулуу мартты сүйүп.

Мен өзүм төрт мезгилдин баарын сүйөм,
Ар мезгилдин өзүнчө сыры бар да.
Туямын жүрөк соккон ар бир күндүн,
Секунду, минутасы, сааты кымбат..

## Сүрөттөгү досторум

Жаш кездеги бирге түшкөн сүрөттөр,
Дос кыздарым ошондогу чүрөктөр.
Бажырайып, эч нерседен бейкапар,
Аппак, таза, түйшүгү жок жүрөктөр.

Андан бери канча жылдар зымылдап,
Мезгил өтүп, кара чачты ак басты.
Мотурайган сүрөттөгү досторум,
Эми минтип, байбичеге алмашты.

Өмүрүбүз кандай кыска экенин,
Билсек дагы, билмексенге салабыз.
Үйүм, ишим, жакындарым деп жүрүп,
Бат өткөнүн сезбей дагы калабыз.

## Бейиш төрү

Жаз мезгили көңүлдөргө дем берип,
Мелүүн жел да беттериңди аймалайт.
Кар, жамгырга тойгон жерлер кулпуруп,
Эккен эгин бул жашоого умтулуп.

Дарактардын жалбырагы дирилдеп,
Табиятка ого бетер көрк берет.
Мөмө-жемиш бүчүр алып ийилип,
Бажырайып, адамга күч , дем берет.

Түрдүү-түмөн жер-жемишке суктанып,
Кайсы бирин жактыраарың билбейсиң.
Баары тегиз бышкан кезде, күзүндө,
"Бейиш төрү" көрүнгөндөй көзүңө.

## Нооруз майрам

Нооруз майрам оюн-күлкү, тамаша,
Көңүл ачып, кыз- жигиттер жанаша.
Катар басып, заманына жараша,
Бир-бирине айтар сөздү талаша.

Каада –салтты даңаза кылабыз биз,
Оюн-зоок көрсөтүлүп аянтта.
Байбичелер сүмөлөктү кайнатып,
Ар бир үйгө ырыс төгүп кудай да.

Желиндерге чака-чака сүт толуп,
Жерди жарып, кара жерге чөп чыгат.
Айланабыз көк шибердей жапжашыл,
Баба дыйкан чекесинен тер чыгат.

Ушул күнү күн-түн менен алмашып,
Ушул түнү жаңырган жыл башталат.
Каалоо-тилек чын дилдерден айтылып,
Нооруз ыры жергебизде ырдалат.

СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ №

## Кең дүйнө

Биз жашаган жарыкчылык кең дүйнө,
Төрөлгөндү кучак жайып тоскондой.
Ээлеп алып, бүт дүйнөнү, жер шарын,
Ай, ааламды өз ичине алгандай.

Токой, арча, бак-дарактар, тоо, кырлар,
Кышын-жайын кар кетпеген аскалар.
Самсаалаган ак булуттар жай жылып,
Сансыз гүлдөр адырларда жайнаган.

Суулар агат, жээк толо чайпалып,
Жер энеге берип турат күч-кубат.
Суу болбосо, кең дүйнөдө жашоо жок,
Суу бар үчүн жалпы жашоо уланат.

Кең дүйнөдө урмат да бар, сый да бар,
Адилетсиз, анткор да бар, канкор бар,
Жашоо шарты аракетке жараша,
Кең дүйнөдө алдуулар бар, алсыз бар.

## Карыя сөзү

Узак жашап жарыкчылык дүйнөдө,
Көптү көрдүм, сыноолордо сынбадым.
Жараткандын берген өмүрүн жашадым,
Тобо дейин, оорубадым, жатпадым.

Ойноп-күлүп, балалыкта жыргадым,
Кийин колхоз талаасында тынбадым.
Бала-чака, неберege кам көрүп,
Эки чылбыр, бир тизгинди кармадым.

Жашоо – деген, жылт – дей, түшкөн от экен,
Чагылгандай чарт жарылган бат экен.
Жашоо балын таткан күндөр көп экен,
Көздү ачып, жумганчалык тез экен.

СУЗАК РАЙОНДУК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ
ИНВ №

## Ош шаары

Ош шаары ыйык шаар мен жашаган,
Ата-бабам мекендеген байыртадан.
Көрчү бүгүн өзгөрүлүп, жаңыланган,
Бак-дарагы кооз болуп жашылданган.

Бууракандап, Ак-Буурасы ташкындап,
Сулайман Тоо чок ортодо суйкаят.
Кызыктырып, кызгалдагы кызыл өрт,
Кызгалдагы эрке желге ыргалат.

Мажүрүм тал жаш сулуудай ийилип,
Уул-кызы улуулардан ийменип.
Ар улуттун жарандары биригип,
Жашап жатат, ыйман жолго берилип.

Айкелдери Манас, Алымбек, Барсбек каган,
Заңкайып элес берет улуулардан.
Аз да болсо үлгү алып булардан,
Жаштар өсөт ай мончоктой буралган.

## Сулайман Тоо

Сулайман Тоо жаткан өңдүү суналып,
Ийри-буйру тепкичтери кыналып.
Нары-бери, чыгып - түшкөн андан көп,
Ыйык тоодон тилегенин сураныып.

Чокусунан көрүнөт бардык тарап,
Катар-катар салынган көп имарат.
Сулайман Тоо баарына көз салгандай,
Шаарыбызга бак-таалай каалагандай.

Дүйнөлүк кызыл китеп барагына,
Катталып, эми жетти баралына.
Кубанчым кучагыма толуп-ташат,
Ыйык тоого жакын жашап калганыма.

## Келер бир күн барчылык

Байлык үчүн, тамак үчүн жүгүргөн,
Адамдар көп арабызда жүткүнгөн.
Эртели-кеч ашыкча тоюп алып,
Байды көрсө салам берип жүгүнгөн.

Таман акы, маңдай тери акталып,
Ойлогон ой, максаты орундалып.
Кулча иштеп, байча жүргөн инсандар бар,
Кайраттанып кыймылына кубанып.

Сүйкүмдүү, ай келбети жарашкан,
Ич дүйнөсү сырты менен айкашкан.
Сүйлөсө бир орундуу сүйлөгөнү,
Тууганга, жатка дагы дароо жаккан.

Колунан келип турса көп жакшылык,
Атуул жанга жарашат го мартчылык.
Өмүрүбүз убактылуу, ченелүү,
Сабыр кылсак келер бир күн барчылык.

## Жар тандоо оңой эмес

Туулуп, эр-азамат, кары-жашы,
Турмушка моюн сунуп калышабы?
Ар бири ар түрдүү мүнөз менен,
Түрдүүчө жашоо жолун улантабы?

Ооба анан, беш манжабыз бирдей эмес,
Ар адамда ар башка мүнөзүбүз.
Ошондуктан, жер тандоо да оңой эмес,
Тобокелге салуу аны туура эмес.

Арабызда мүнөздөрү төп келишкен,
Кылган иши бир-бирине эп келишкен.
Жуптар бар, жашообуз бир дешкен,
Өмүр бою көз карашы дал келишкен.

## Өксүп жатты

Жалгыз уул-деп, бүт өмүрүн өткөрдү,
Жалгыздыктын машакатын бүт көрдү.
Бул өмүрдө каалаганын табалбай,
Эстүү бала эне менен бирге өстү.

Кандай таш боор, ошол ата качанкы,
Өмүр бою бала жүрөгүн сыздатты.
“Ата” деген улуу сөздү атабай,
Нечендеген күндөр батты, таң атты...

Кандай, мындай жашоо бердиң кудай ай,
Ата сөзүн уга албады балакай.
Жетишээрлик бардык дүйнө болсо да,
Өксүп жатты, сыздап-сыздап жүрөк ай.

**Өкүнүч бар ал кыздын жүрөгүндө**

Жүрөктөгү сезимдерин суурул жатты,
Эзели эч кимге айтылбаган.
Купуя аздек сырын төгүп жатты,
Аялуу, бүт денеге уюп калган.

Каректери ысык жашка толуп жатты,
Ошондогу уяндыгын сүйлөп жатты.
Жүрөгүн ал жигитке арнап алып,
Зар какшап, ыйлаганын айтып жатты.

Канча жигит ашык болуп сүйлөгөндө,
Көз кырын салып койбой же бирөөнө,
Сагынычтан канча күн, таңдар аткан ...
Өкүнүч бар ал кыздын жүрөгүндө

## Суктанам

Суктанам наристе күлкүсүнө,
Апакай кардай таза жүрөгүнө.
Ишенчээк мотурайган бөбөктөрдүн,
Өткүр кара, карагаттай көздөрүнө.

Суктанам эң бир асыл адамдарга,
Кумарланам музыка дүйнөсүнө.
Мээнет менен арабыздан озуп чыккан,
Тынбаган аракетчил таланттарга.

Суктанам мелмилдеген Ысык-Көлгө,
Кыргыздын бийик аска тоолоруна.
Күн сайын кайталанып чыгып турган,
Асмандагы жап-жарык айга-күнгө.

## Клиенттерим

Товар берген клиенттеримде түрдүү кыял,
Ар бирине өзүнчө сөзүм даяр.
30-40тай болуп кетет көбөйгөндө,
Жөндөмүнө жараша байлык жыяр.

Базарда эң көп нерсе кийим-кече,
Алуучудан сатуучу көп эсептесе.
Болсо дагы, болбосо да соодасы,
Орундукка кете берет акчасы.

Эптеген товар сатып арбынырак,
Көздөгөн максатына жетип алат.
Үйүм-жайым, балам-чакам-деп, жүрүп,
Айрымдары ден соолугун бузуп алат.

## Жигит көрдүм кырктарга чамалаган

Коммерция казанында мол кайнаган,
Жигит көрдүм кырктарга чамалаган.
Сүйлөп жатса түгөнбөйт... көп байлыгы,
Өз эмгеги, аракети менен тапкан.

Ата кесибин улантып жаткан экен,
Балдары да өзүнө жардамчы экен.
Толгон токой  байлыгы турса дагы,
Таңдан кечке көп кыймыл кылган экен.

Ал жигит көп кыйналып убагында,
Карабаптыр ден соолукка жаштык да.
Эми  минтип, дары-дармек жашоо болуп,
Кызыгы жок, дүйнөнүн, байлыктын  да.

## Электерден элениp

Эл ичинде кыйналгандар көбөйүп,
Бакыт издеп, башка жакка кетишти.
Кеткендердин көбү кайтып элине,
Кайраттуулар максатына жетишти.

Жаштарыбыз келишимдүү татына,
Ата-энеси жетине албай баарына.
Барсаң бар – деп, Оруссия тарапка,
Жашоо үчүн жөнөп жатты агыла.

Басмырлашты “черный” дешип сөгүнө,
Аябастан азап берип көбүнө.
Кыйын, кыйын күндү баштан кечирип,
Жашап кетти кыйындары өзүнчө.

Сыноолордо электерден элениp,
Ооматтуулар алга жылып, иргелип,
Кийим-кече, дүйнө, байлык баары бар,
Туулган жерге канча жылда бир келип.

## Сиңдим Чолпонайым

Сиңдим бар, аты Чолпон, Чолпонайым,
Ар бир ишти алдын ала сезип турган.
Өзү зирек, ай жүздүү, илбериңки,
Сөздөрү бар өз ордунда кынапталган.

Элчилеп өз кесибин таштады да,
Карч уруп ишкерликти баштады да.
Коммерция фронтунда күйүп-бышып,
Балдардын келечегин ойлоду да.

Чыйрак чыгып, уул-кызы төртөө бирдей,
Бутка туруп, өз алдынча болушту.
Урмат-сыйды эмгек менен бекемдеп,
Билим алып көп сыноодон өтүштү.

## Базардагы сулуу кыз

Базардагы сулуу кыз, аты Алия,
Жүзү жарык сыры бар, бир купуя.
Кылган иши тараза айтып берет,
Канча кило салмагың ушул айда.

Бийлегени чимирик сыйкырчыдай,
Көргөндөр таң калышат, тек тура албай.
Көңүлү ачык, көөнү таза ушул кыз
Кинодогу Индиянын кыздарындай.

Сымбатына жарашыктуу кооз көйнөк,
Чачы кыска, өзү арык, өңү аппак,
Күлүп жүрөт, жылмайып, дили таза,
Ичинде арман... ашыгына жетпей калган.

## Кыз Сайкалдай Азада эже

Кыз Сайкалдай өткүр эле, чок эле,
Чагылгандай чарт дегенде Айзада эже.
Алоолонгон жалын сымал күйчү эле,
Аялзаттын каймагы эле, балы эле.

Бригадасын уюштуруп кыздардын,
Жалын жүрөк комсомолдук өмүр сүрдү.
Канча кызды такшалтты, телчиктирип,
Жашоо менен алпурушуп, бышып, күйдү.

Ойлору да, максаттары көп эле,
Ойлончу келечекти, эртеңдерди.
Мээримин адамзатка төгүп жүрүп,
Жаш туруп, оо дүйнөгө кете берди

Тирүү болсо арман ай, Азада эже,
Жалындаган ырларды жазбайт беле.
Эне тилди ардактап, аттиң эже,
Өнүктүрүп, салымын кошот эле.

Бурмалабай чындыкты калыс болчу,
Жүргөн, турган жеринде күлкү чачып,
«Киргиздерди» кыргызча сүйлөтчү эле,
Кыргыз тилин аздектеп, тилди багып.

## Шакиртим Замирбекке

Элестеткем болот – деп, мыкты адис,
Ички дүйнө жөндөмүнө болуп калыс.
Өңдүү-түстүү, ток этер сөз сүйлөгөн,
Шакиртим мээнетинен алып намыс.

Калдык биз бир мезгилде апасыз,
Жүргөн элек жетимдиктен капарсыз.
Айкөл, камкор, апабыздан айрылып,
Кайгы-муңдан жакын болгон арабыз.

Ууру, баңги терс жүргөндү кеп кылып,
Жума сайын ОшТВдан сүйлөп турат.
Кылмыш иши козголгонун белгилеп,
Жалпыбызга аманчылык тилеп турат.

Журналисттик кесипти  бийик тутуп,
Чыгармачыл дөөлөтү толсо экен.
Өзүндөй уул-кызды тарбиялап,
Шакиртим узак өмүр сүрсө экен.

## Рахат айым

Рахат айым, кызыл гүлдөй жайнаган,
Алтын, күмүш, гаухары ага жарашкан.
Ич дүйнөсү сырты менен төп келип,
Көргөн адам көзүн албай караган.

Илбериңки, жумшак мүнөз, аппак кыз,
"Мен" – дегендин жүрөктөрү күйөт тыз.
Жагымдуу үн, жалтыр кара чачтары,
Балбыл жанат карагаттай көздөрү.,

Өзү чыйрак, сарамжалдуу Рахатайым,
Бул дүйнөнүн жанып турган чырагыбы?
Убактылуу биз жашаган бул жалгандын,
Көркөмдүү, жарашыктуу чынарыбы?

## Балдарымды коммерцияга үйрөтпөдүм

Балдарымды базарга үйрөтпөдүм.
Суугуна тондуруп, ысыгына күйгүзбөдүм.
Акча табуу кандай кыйын экендигин,
Өзүм көрүп, аларды жүдөтпөдүм.

Үчөө тең артыкчылык диплом алып,
Ариетти колдоруна бек кармашты.
Алган билим керегине жарап элдин.
Ылайыктуу иш жайынан орун алсын.

Балдарым ар бирөөсү бирден бутак,
Жайылып, өз алдынча өсүп турган.
Төрт бутак бири-бирине жөлөк-таяк,
Бороондо бири-бирин калкалаган.

**Заманыбыз кандай болуп баратат.**

Заманыбыз кандай болуп баратат?
Базар наркы көтөрүлүп өтө бат.
Бара-бара кедей адам көбөйүп,
Көчөлөрдө калбаса экен нан сурап.

Сулуу, сулуу өтө сулуу кыз-келин,
Базарларда олтурушат чаң болуп.
Тапканыбыз жетпейт-дешет, жашоого,
Жеткире албай, алтын башы маң болуп.

Миллиондогон акчаларды көтөрүп,
Каалашынча, бар жыргалды бүт көрүп.
Өз салмагын көтөрө албай күймөнүп,
"Бардар" жүрөт, башка тилди үйрөнүп.

## Күндөр, күндөр

Эх, күндөр, бир-бирине окшобогон,
Ай батып, күн чыкканга жол бошоткон.
Адамзаты күндө ар кыл түйшүк менен,
Өмүр өтүп баратканын ойлобогон.

Күн сайын ар башкача ойлор менен,
Күн сайын алга умтулуп тилек менен.
Жер жүзүндө - адам жашайт нечендеген,
Баарынын ойлору бир "жашайм" деген.

Күндөр өтсө – картаябыз, жашыбыз,
Канча калат, иче турган ашыбыз.
Ар бир күндү "сарамжалдуу" өткөрсөк,
Көккө жетет, урмат - сыйлуу башыбыз.

## Камкор ата

Эртели-кеч тыным албай талаада,
Балдарына кам көрүүнү каалады да.
Бала-десе, ичкен ашын жерге коюп,
Колдон келген аракетин арнады да.

Четинен балдарына оомат келип,
Бирин-бири колдошту жардам берип.
Ар бири бирден кесип ээси болуп,
Ар тармакта иштеп жатты адис болуп.

Балдары башын ийип кызмат кылса,
Айтылган сөз октой болуп таасир кылса.
Ата үчүн мындан артык бакыт барбы,
Эмгегинин акыбети кайтып турса.

Мындай ата ар бирөөгө берилбеген,
Ар балада ар башкача «ата»-деген.
Бир жашаган жарыкчылык дүйнөбүздө,
Бала үчүн ата болсун, «менмин» деген.

## Жайлоодо

Жайын-кышын жапжашыл түстөр менен,
Кырлардагы арчалар көрктүү келет.
Төрт мезгилде кетпеген аппак карлар,
Жапжашыл арчаларга азык берет.

Мал –жаныбар жайылып тээ алыска,
Эчкилери секирип таштан-ташка.
Өздөрүнчө оттошуп жүрө берип,
Кечке маал келип калат короо-жайга.

Салкын аба, жумшак чөптөр дем-күч берип,
Оңолуп козулары койго айланат.
Мына ушундай жайыттарда, тоолордо,
Чабан жүрөт өтүк кийип, ат минип.

Түйшүк тартып кечке чейин тынбаган,
Жылкы, малды жалгыз өзү сааган.
Кымыз, айран, кой шорпону даярдап,
Балдарына чың ден соолук каалаган.
«Апа» деген улуу атка татыган,
Аял жүрөт короо-жайды шыпырган.

## Мугалим

Коомайлап сүйлөп балдарга,
Мугалим эжей доскада.
Түшүнсө балдар темага,
Жетет го сабак максатка.

Көп жылдар иштеп мектепте,
Усулу анын артты да.
Түрдүүчө ойлор заматта,
Куюлуп жатты сабакта…

Суроолор берип толуктап,
Түшүнгөн оюн аныктап.
Алга умтултуп балдарды,
Мугалим анык «устат» да!

Билим менен суугарып,
Илим кенин каздырып.
Кызыктарга азгырып,
Мугалим асыл кесип да!

## Мекеним

Мекенибиз уч -кыйры жок кеңдикте,
Аска зоолор көк мелжиген бийикте.
Кандай гана кыйын күндөр болбосун,
Тилегибиз кызмат кылуу мекенге.

«Туулган жердин топурагы алтын»-дегенге,
Ишенемин айтылбаган бекерге.
Кандай кооз, кыргыз жерим-мекеним.
Алмаштырбайм, улуу, азиз меккеге.

Жаштар өсөт кадам шилтеп эртеңге,
Дүйүм -жемиш бышып турса жегенге.
Мекенимде эгемендик орноду,
Жалпы журтум эми жетти тилекке.

Мекениме суктанамын, талбаймын,
Оор жүгүн көтөрүүдөн качпаймын.
Канча болсо менин кылган мээнетим,
Мекениме арналганын билемин.

## Кыргыз жерим.

Кыргыздын жери кооз, эң ажайып,
Бактарда-мөмө гүлдөп бажырайып.
Көлдөрү, дарыялары толуп-ташып,
Көргөндөр көркөмүнө, суктанышып.

Асман тиреп, жайыттары, төрлөрү,
Сансыз өскөн, чөптөрү да гүлдөрү.
Ошол өскөн чөптөр менен гүлдөрдөн,
Жасалууда дартка даба, дары-дамек түрлөрү.

Алтын, көмүр, нефти, сымап кендери,
Баалуу байлык ... дымып турат жерлери.
Түндүк-түштүк бөлүнбөсүн, гүлдөсүн,
Байлыгыбыз түгөнбөсүн бүтпөсүн.

## Ыйык жер

Бут, бел ооруп, сайгылашып сыздатса,
Дагы башка ички оорулар кыйнаса.
Балчыктар бар, дары суусу ып-ыссык,
Жалал-Абад эс алуучу курортунда.

Жерден чыгат сыйкырдуу "Шор булагы",
Айыктырат, кычышкакты, жараны.
Жууп койсоң, кутуласың, каласың,
Укаланып, кычышкагы, жарасы.

Ар кай жактан эс алганы келишет,
Даба таап, айыгышып кетишет.
Номерленип, өз - өзүнчө булагы,
Түрдүү дартка даба болуп суулары.

"Ыйык жер" – деп, бекеринен айтпаган,
Теңир – Ата чын дилинен даарыган.
Ошондуктан, "ыйык" деген бул жерге,
Келген адам шыпаа таппай кайтпаган.

# Сүйүү лирикалары

## Наристе сезимдер

Көп кыздан мени тандап алганыңда,
Классташтар өздөрүнчө кымыңдашкан.
Жолго, карга, аялдама, доскага,
А+Ч деген тамгаларды жазышкан.

Ошол кезге, ошондогу балалыкка,
Учкум келет, зымырык куштай болуп.
Наристе суудай тунук сезимдерге,
Жетким келет токтоосуз, октой болуп.

Аруу кыял сезимдерге жетелеп,
Мугалимдер ошондогу бизди окуткан,
Адам бол- деп, туура жолду көрсөтүп,,
Билим берип, бизди уядан учурган.

## ЖАШТЫГЫМ

Эми менден алыстады ал күндөр,
Жалбырттаган оттой күндөр кылчайбай,
Көп жигитти тамшандырган жаштыгым,
Өткүн сымал, өттү, кетти, калалбай.

Кундуз чачым жарашыктуу өрүлгөн,
Сымбатыма кимдин көзү күйбөгөн?
Далай кыздар көз артышып көркүмө
Далай жандар сугун артып сүйлөгөн,

Эх, жаштык кез, ар адамга бир келчү,
Кайраттантып, демди, күчтү берген кез.
Тоодой, түрдүү, сансыз иштер болсо да,
Кыйналбастан, оңой-олтоң бүткөн кез.

## Алгачкы сүйүүм чырмап алган

Тереңде элең, өтө терең катылып,
Жүрөгүмдө жашап келет элесиң.
Чейрек кылым арадан өтсө дагы,
Эстен кетпей, унутулбай келесиң.

Күн болбоду сени эңсеп, эстебеген,
Таттуу кыял, күлүк ойлор себелеген.
Көздөрүңдү унута албайм азыр дагы,
Аруу сезим, ал күндө сен сезбеген.

Өчпөдү жылуу сезим жүрөктөгү,
Арадан канча убакыт өтсө дагы.
Тартынып, жаныңа баралбагам,
Айбыгып, ак сүйүүмдү айталбагам.

Кантейин, жүрөгүмдү жек көрө албайм...
Бир өмүргө, бир өзүңдү сүйүп калган.
Али да жапжаш бойдон гүлдөй таза,
Жылдар өтүп, айлар жылып баратса да.

Унутайын, унутам деген менен,
Өзүмдү-өзүм сооротуп үмүт менен.
Аттиң арман ... бир жаралган бул жалганда,
Өзүңдү эстеп, өмүрдө жашап келем.

## Жаштык экен

Эркелетип, жүрөгүндү мага сунган,
Катыңды алгам кубанып, мага жазган.
Токтогулдун Тоолуктагы жай мезгили,
Биротоло жүрөгүмдөн орун алган.

Эсиңдеби, ошондогу биз сырдашкан,
Айлуу түндө айрылышпай көпкө турган.
Эң бактылуу күндөр экен эми ойлосом,
Махабаттын аралына жакындашкан.

Жаштык экен, сүйүүгө мас, курчтук экен,
Өзүңдү "Мен гана"-деп, бийик сезген.
Сүйүүнүн алоолонгон жалынына,
Күйгөнүңдү өзүңө сездирбеген.

## Студенттик күндөрдө

Чабылган чөп катар болуп үйүлгөн,
Кыз жигиттер ондон болуп бөлүнгөн.
Кечке иштеп чарчаганын билбестен,
Студенттик “алтын доорун” сүрүшкөн.

Мына ушундай “Алтын доордун” кезинде,
Түшкү тамак, эс алуу мезгилинде.
Нары жактан келатты сулуу жигит,
Ошол жигит, айдоочу экен чымыр дене.

Айдоочу өз жумушун өтөп жатты,
Күн сайын чөптү ташып, эчен тонна.
Биз болсо, ырдап, сүйлөп катар түшүп,
Билинбестен убакыт өтүп жатты.

Айдоочу көзгө жакын жигит экен,
Туйлатып, кыз жүрөгүн титиреткен.
Негедир бизге карай жуурулушуп,
Кечкисин обон салып, ырлар ырдап,
Даниярдай сезиимин төгүп жатты...

Жер чийген чачтарыма арбалдыбы?!
Сүйкүмдүү көздөрү анын балбыл жанды.
Өзгөчө сезимдерге туш болгонун,
Ичинен туюп жатты, сезип жатты...

## БӨЛҮНДҮК НЕГЕ ЖАНЫМ, АТТИҢ АРМАН...

Өмүрдөгү далай күндөр баткан кезде,
Жаш кезимдей кайрадан жана аламбы?
Кокус азыр кезиксең капысынан,
Билбейм, билбейм мурдагыдай жага аламбы?

Экөөбүз тең махабатты ыйык тутуп,
Тоскоолдукка карабайбыз дечү элек.
Турмуштун сыноосунда алсыз болуп,
Бөлүндүк, неге жаным, аттиң арман.

Сезимим тынчтык бербейт эстебөөгө,
Көңүлдө ак сүйүүнүн оту жанган.
Арзуумду эч бир жанга айталбадым,
Бөлүндүк, неге жаным, аттиң арман…

Бирибиз-бирибизге жөлөк болуп,
Бирибиз-бирибизге өбөк болуп.
Жашоонун ырахатын бирге көрбөй,
Бөлүндүк, неге жаным, аттиң арман.

## Кулагыма угулуп туруп алды

Канча жигит толуп турса кыргызда,
Казак менен кетемби – деп, алыска,
Көңүлдөнбөй, бирок, аны кага албай,
Күндөр өттү, мен бир ойго келе албай.

Жезделери, кыргыздын жигиттери,
Жээндери кыргыз-казак митистери.
Баары тең мыкты жерде иштегендер,
Ар намыстуу бир-бирине ишенгендер.

Кайда десең, ошол жерде жашайбыз - деп,
Заңгыраган чоң там үйдү салабыз - деп.
Канча жүрдү архитектор ошол жигит,
Жүрөгүмдү өз колуңа карматам - деп.

Канча мезгил артымдан бир калбады,
Үйлөнүүгө, той жасоого бек камданды.
"Урук бузган болбойт"- деген ата сөзү,
Кулагыма угулуп туруп алды.

## Кайратына таң калам

Апам,-дейт, жакын сиңдим Рахатайым,
Болгон экен теңдеши жок, сулуу айым.
Көз арткандын көбүнө көнбөй коюп,
Жактырыптыр атамды көөнү сүйүп.

Ошентип, буйрук экен, кудай кошуп,
Алты кыз, үч уулду төрөп берген.
Үлгүлүү үй, бир түтүн болгон кезде,
Шум ажал атакемди алып кеткен.

Тогуз бала багам – деп, ошол күнү,
Белин бекем байлаган жаным апам.
Ач калтырбай, бүтүн кийим кийгизип.
Бакканына, кайратына таң калам.

Окутуп, турмуш жолун так көрсөтүп,
Очор-бачар, баарыбыздан көңүлү ток.
Жашаса экен апакем узак, узак,
Мээнетинин акыбетин бизден көрүп.

## Обончум

Обончусуң мен али баарлаша элек,
Жүрөгүмдө ырлар туйлайт жазыла элек.
Топ жылдыз-деп, ырларың оргуп чыкты,
Жарашыктуу жада калса көзүңдө айнек.

О, кудурети күч алла таалам,
“Кереметке” миң ирээт таазим кылам.
Жүрөгүм ыргагында, ырларында,
Элирип эргип турам, эргип турам.

Нестандын ак сүйүүсүн желбиретип,
Уккандын жүрөк отун дирилдетип.
Ааламга сенин үнүң жаңыргансыйт,
Бардык адам сени угуп, тыңдагансыйт.

Созолонгон обонуңду укканымда,
Ырыңды  угуп тура албаймын өз ордумда,
Үнүңө, ыргагыңа арбалам да,
Асманга бараткансыйм жылдыздарга.

## Атакем менин сугатчы

Пахтага тегиз суу койгон,
Атакем менин сугатчы.
Терилсе пахта ачылып,
Кургаткан атам кырманчы.

Жарышка чыккан атакем,
Кетменин коюп желкеге.
Жеңүүчү болгон атакем,
Социалисттик мелдеште.

Сүрөтү чыгып гезитке,
Атакем нечен сыйланган.
Алтымыш жыл өмүрүн,
Колхозго арнап тынбаган.

Өрүктөн жасап комузду,
Узчулук өнөр дагы бар.
Белекке берип комузду,
Рахмат алган жайы бар.

Элдик күүнү черткенде,
Эргип угуп калчубуз.
Өрүк комуз шаңшыса,
Бир кумардан канчубуз.

Насип буйруп, туз буйруп,
Барып келди ажыга.
Кудайдын үйү мечит деп,
Намазын окуйт ажы да!

Ашса да жашы сексенден,
Атакем өзүн жаш сезет.
Урматын көрүп балдардын,
Жүздөн да ашсын ылайым.

## Жазды көрбөй

Жерим көрктүү, жашыл килем жамынган,
Бак-дарактар тегиз гүлдөп жайнаган.
Мөлтүрөгөн тунук кашка суулары,
Көк мелжиген адырларды, кырларды.

Карайм жазга суктанып кайра-кайра,
Көңүлдөгү капалык өчөбү деп.
Кайда, кайра жүрөгүм тыз-дей, түшөт,
Ушул жазды көрбөй калды атам деп.

Чейрек кылым жер иштетип тердеген,
Бир адамдын эмгек акын жебеген.
Калыс жүрүп, чын сүйлөгөн ажы атам,
Бейиш төрүн анык ээлеп жатса экен.

Бул эмнеси-мейкин асман, жер эне?
Керээз айтып, кепке, сөзгө келбеген.
Оорубады, онтободу бир минут,
Бир дем менен жанын оңой тез берген.

Жазым жашыл, тээ алардын боору да,
Ал мүрзөдө сөөгү атамдын коюлган.
Мартка жетпей, жазды көрбөй көз жумду,
Балбан билек, “дыйкан алпы” ажы атам.

# Мүрзөдөгү апакемдин эстелигинде жазылган ыр саптары

Армандуу болдук кайгырып,
Апаке сизден айрылып.
Түбөлүк барар жайыбыз,
Бейиштен орун алыңыз.

## Апаке өзүңдү эстейм

Жумшак сөз, эч бир катуу сүйлөбөгөн,
Анча-мынча кемчиликке үндөбөгөн.
Ак көңүл, сылык-сыпаа мүнөз менен,
Жетөөбүздү тарбиялап өстүргөн.

Капкара төгүлгөн кашыңды эстейм,
Балбылдаган жароокер көзүңдү эстейм.
Жупжумшак өзгөчө наныңды эстейм.
Жагымдуу кайталангыс үнүңдү эстейм.

Мээрим төгүп, тамак сунган күнүңдү эстейм,
Туулган  күндө белек кылган гүлүңдү эстейм.
Дүйнөнү төрт кыдырсам таба албасмын,
Апаке, жөпжөнөкөй өзүңдү эстейм.

## Кеттиң сен

Апакем ооруп жатты, онтоп жатты,
Тилинип, жүрөгүбүз сыздап жатты.
Али жаш капкара чач апакемди,
Шум ажал арабыздан жулуп качты.

Кеттиң сен, көздөрүңдү ачпай, жумуп,
Кирпиктериң ирмелбей калган бойдон.
Беттериңден нур тамып турчу эле да,
Эми жоксуң, апаке кеткен бойдон.

Туулгандын кетмейи бар ушул чындык,
Апаке, жүрчү элем да ыйык тутуп.
Ичим күйүп, куйкаланып кетемин,
Апакемдин кайтпасын билип туруп.

Мен сизге күйүп жатсам куйкаланып,
Асман-жерим аңтарылып кеткен сымал.
Сагынычым сапырылып, саргайды да,
Балалыгым сизди ээрчип кеткенсийт.

## Агам Акжолго

Кагылайын бир тууганым, бир боорум,
Кокустукка кабылыпсың не кылам?
Каңырыгым түтөп турат бөксөрбөй,
Көңүлүм боздоп турат, сыздап турат.

Селт дей түштүм, не болду? Неге мындай?
Канеткенин, жаратканым, кудайым ай.
Жүрөгүм оттой күйүп куйкаланат,
Садагам, бир тууганым атаганат!

Боорукер, чын сүйлөгөн рухуң калды,
Аталап ай данектей балдар калды.
Боорум - деп, аза күтүп бир туугандар,
Балам – деп, көз жаш төгүп атаң калды.

## Ак халатчан Гүлсайра

Жүзү сүрдүү, ак халаты жарашкан,
Ийне сайып, далай дарттан арылткан.
Өңдүү-түстүү, эң боорукер Гүлсайра,
Халатчандын “ханышасы” аталган.

Дартка дабаа болоор сөздү сүйлөгөн,
Өзү токтоо, сыпаа сүйлөп үйрөнгөн.
Бейтап адам ыраазылык билдирсе,
Милдетим - деп, секин, ыйбаа үндөгөн.

Уул үйлөп, кыз чыгарып мактанбай,
Колдон келген аракетин аянбай.
Кайда жүрсө мүнөзү анын бир сырдуу,
Жүрөгү ак, өзү кийген халаттай.

Үйдө, иште, жүргөн-турган жерлеринде,
Илбериңки, адептүүлүк дээринде.
Максаттары, тилектери арбын али,
Ишинен аброй алып жүрсүн эми.

## Гүлбайра менин сиңдим комузчу кыз

Комуз чертип, күү чыгарып Гүлбайра,
Мукам үндү сыбызгытып бир сыйра.
Олтуруп-турган жерде күү жаңырат,
Коштоолор болуп турат кайра-кайра.

Жан сиңдим, кагылайын, мукам үндүү,
Ырдасаң бир өзүңө эч ким жетпес.
Жүрөктөн чыккан ырың кубулжуган,
Уккандын көңүлүнөн эч бир кетпес.

Талбадың, алдың окуп эки диплом,
Ортосу, жогоркусу бирден болуп.
Музыка дүйнөсүнүн адамысың,
Гүлбайра, менин сиңдим, комузчу кыз.

Жүрө бер-талантың ашып - ташып,
Жаңырып, Ала-Тоого булбул болуп.
Бийиктен бийик болуп ыр жаңырып,
Кыргыздын күүлөрүнө күүнү кошуп.

## Дарыгер-депутат досума

Чын достукту бекем тутуп жүрөмүн,
Жүрөгүмдө дайым өзүң жүрөсүң.
Жашаган жай, бир аз алыс болсо да,
Бир өзүңө жакын менин жүрөгүм.

Балапандай кезибизден бирге өскөн,
Балалык кез эсте калды бир жүргөн.
Ошол кезде-китеп окуп эч тынбай,
Үй ишине жардам бердик чарчабай.

Самаган ой-тилектер орундалып,
Каалаган адистикке жолдомо алып.
Ойлонуп, даңгыр жолго кадам таштап,
Бараттык, алга умтулуп, алга умтулуп...

Ишиңен баар таап макталасың,
Жогортон "эл дарыгери" аталгансың.
Шаарыңда эл мүдөөсүн так аткарган,
Эл – деп, күйгөн, элди сүйгөн депутатсың.

Дилгирлигиң элде жок майышпайсың,
Түспөлүң Таттыбүбүдөн калышпайсың.
Чыңдайм-деп, оруулуунун ден соолугун,
Колдон келген аракетти аянбайсың.
Жан досум зоболоң арта берсин,
Узак жаша, чалыкпаган демиң менен.

## Залкарбек небереме

Жүрөгүмдү элжиретип күлөсүң,
Өтө назик тык-тык соккон жүрөгүң.
Түсү сүйкүм, кагылайын татынам,
Акылыңа өз ичимен багынам.

Өткүр кара көздөрүңө суктанып,
Так сүйлөгөн сөздөрүңө кубанам.
Идиректүү, бир башкача наристем,
Жараткандан узун өмүр суранам.

Кийген кийми өз боюна жарашкан,
Чачтары да татынакай таралган.
Кечке чейин көрбөй калсам сагынам,
Ички дүйнө байлыгына таңданам.

Тез-тез эле чоңоюп калгың келет.
Зымыратып машина мингиң келет.
Балтыр этиң толо элек, али жашсың,
Алп Манастай күчкө толгон күндөр келет!

## Кийинки муундарга болсун сабак

Курсташым келечекти көп ойлонгон,
Алдына зор максатты коюп койгон.
Өзү арык, көзү анча көрбөсө да,
Башкалардан көп эсе алга озгон.

Илимий даражасы жетип чекке,
Докторлукту эбак эле жактап койгон.
Тил – деп, күйүп, эне тилди аздектеген,
Курсташымдай чыгаан уулдар көп болсо экен.

Жүрөгүң, дараметиң оргуп турат,
Бөксөрбө, бүлүнбө да, чарчабагын.!
Тайбастыгың, өжөрлүгүң, мээнетиң бар,
Ойлонбо, алга курбум, арыбагын!

Илимдин бийиктегиceресине,
Тырмышып, чыдагандар жете алат.
Курсташым ден соолукта, узак жашап,
Кийинки муундарга болсун сабак.

## КУРСТАШЫМА

Талантыма таң калып жүрчү экенсиң,
Кайратымдын күчтүүлүгүн сезчү экенсиң,
Чыга албады, негедир курсташым - деп.
Өкүнүчтөн кылыпсың гезитке кеп.

Туюп, сезип, мендеги дареметти,
Таразалап он ирээт ойлончу элең.
Театрдан «Фудзиямадагы кадыр түндү»
Он жети ирээт жаңылбасам көргөн элең.

Студенттик кереметтүү күндөрдө,
Уйку көрбөй сабак окуп түндөрдө.
Агым менен жуурулушуп бара жаттык,
Мыкты адис болуп чыгуу көңүлдөрдө.

Жүрөгүмдө оргуган ойлорум бар,
Сезимимде толуп – ташкан ырларым бар.
Өмүрүм бош кетпеди, тыным албай,
Шашпагын, төгүлөмүн жааган кардай.

## Эжекем кыргыз тилчи

Окудук кыргыз кыздар мектебинде,
Убагында ага өтүү кыйын эле.
Айылдан жалаң бешке окуп келип,
Ал жерден алганыбыз үч төрт эле.

Эжекем кыргыз тилчи аты Мария,
Ички дүйнө байлыгы терең дарыя.
Өзү тыкан, жүргөнү ыкчам, бир сүйкүмдүү,
Жүргөн, турган, басканы болгон бизге тарбия.

Эжекем эң күчтүү, устат тилчи,
Шакирттери өзүндөй өткүр тилчи.
Окуучусу Култай кызы Үмүтайым,
Тилчилерден озуп чыккан мыкты тилчи.

Өз усулун илимде сынап көрүп,
Мектеп үчүн окуу курал жазып берди.
Мындай асыл, талanттуу эжекемди,
Канча алкап, мактасак да болот эми.

Балдардын урмат-сыйын көрүп эми,
“Өрнөк” болуп арабызда бар болуңуз!
Өмүрүңүз узун болсун, көп жашаңыз,
Чалыкпас, чарчабаган эжекебиз.

## Балдарыма

Эңсеп тапкан балдарым бар татына,
Ар бирөөсү ылайыктуу атына.
Чынгыз, Айбек, Бактыбегим, балдарым,
Кызым Айсулуу төп келишкен затына.

Балдарымды адам бол – деп, бакканмын.
Канча мээнет, эмгек менен талыкпай,
Үчөөсү тең кызыл диплом алышты,
Бактыбекке калды эми бир жылдай.

Билимдүү, тарбия көргөн адамдардай,
Алга умтулган курч жүрөк палбандардай.
Мөмөсү бышып турган дарактардай,
“Талпынгыла”, жол узак эч тартынбай .

## Жүрөгүмдө жүргөндүгүн жашыра албайм

Жетерине ишенгем атак-даңкка,
Ой санаасы учуп турчу алыс жакка.
Окуган китептери таңгак-таңгак,
Аракети бурулуп илим жакка.

Мен аны көргөн сайын кайраттангам,
Канча окуп, канча жазсам канааттанбайм.
Ал жигит кандай кыйын, кандай өжөр,
Жүрөгүмдө жүргөндүгүн жашыра албайм.

Кат жазышып, кат алышып алыстан,
Ийне менен кудук казып талбастан.
Күндөр өттү, жаштык жалын өткүр кез,
Экөөбүздү эки жакта калтырган.

Жашоодо жолдорубуз эки айрылыш,
Өнбөй калды, сүйүү гүлү суулар сыз.
Ошол кезде...оюбузда бар болчу,
Өмүр бою бирге жашап, бир өтүш.

## Аппак кар

Кыштын күнү айланам ак, ак кар жаап,
Бара жатам, кырч-курч басып ойлонуп.
Ошол жигит ушул айда төрөлгөн,
Апасы аны ак бешикке бөлөгөн.

Карды кечип, жетелешип жүрчү элек,
Ызгаар суукта, жаңы жылдык түндөрдө.
Бирге жүрдүк, шайыр-шатман каткырып,
Калды ошол кеч студенттик күндөрдө.

Эңшерилип, жүрөгүм тек туралбай,
Ошол жигит, ошол кышты унуталбай.
Бурганактап ак кар жааса эстей берем,
Бактым эле студенттик жылдарым ай.

## Максатыбыз

Чырмалышып оюбуз оюбузга,
Төп келишип боюбуз боюбузга.
Жаштыкта, жалындаган оттуу кезде,
Бирге жүрдүк, максат коюп алдыбызга.

Максатыбыз бирге болуу, турмуш куруу,
Бала көрүп, аларды бактылуу кылуу.
Турмуштун ойдуң-чуңкур жерлеринде,
Кол кармашып, талбастан өмүр сүрүү.

Махабаттан жаралган жан балдарды,
Татынакай, көзгө сүйкүм наристени.
Тоё жыттап, күлкүсүнө күбө болуп,
Жетелесек, жарык маанай уул-кызды.

## Кайдасың?

Бир көргөндө жүрөгүмө уюп калган,
Эй, жигит, бейтааныш- мен сүйүп калган.
Элесиңди эстей берем, эртели-кеч,
«Сага» деген сүйүү оту жанып калган.

Балбылдап күйгөн сайын өчпөй жанат,
Сезимимде “ысык чокту” турам кармап.
Өчпөй жанган алоонун жарыгында,
Жап жалгыз өзүм турам, сени самап.

Кантип мен сени эстен чыгарамын?
Жолукпасаң – экинчи, не кыламын?
Жарыктыкта, бир жашаган бул өмүрдө,
Аттиң, ай, сени кайдан таба аламын?

Кантейин, мен өзүңдү сагынамын,
Санаам санга бөлүнгөнүн жашырбаймын.
Өңүңө , келбетиңе, азгырылам,
Кайдасың, эй жигит, бейтааныш-
мен сүйүп калган.

# Аңгемелер

## ЖОЛ БОЮНДАГЫ КӨК ТУНУКЕ ҮЙ

Биз жаш кезде Кара-Дарыя айылынын так ортосунда жайгашкан көк тунуке үйдү–тиричилик–деп, нары-бери өткөн айылдын жашоочулары "Көк тунуке үйдөн өткөндө", "Көк тунуке үйгө жетпей" деп өздөрүнчө белги кылып сүйлөшчү.

Бул жолу айылга баратып, жакын-жакын жерлердеги көчөлөрдүн аттары жазылган жазууларды көрүп, "Көк тунуке үйдү" эстедим....

Кара-Дарыя эли пахтачылык менен эмгектенишкендиктен, Фрунзе атындагы колхоз деп аталып, он төрт бригадага бөлүнгөн. Заман өзгөрүп, менчиктештирүүгө өткөндөн кийин, башка аймактардагы мекендештерибиз сыяктуу эле, айылдын тургундары белди бекем бууп, өз алдынча үлүшкө тийген жерлерине эгин-тегин эгишип, бала-чака багып, турмуш-тиричиликтерин өткөрө башташкан.

Айылдын тургундарынан Россия жана Казакстан мамлекеттерине ооп кеткендердин саны да арбын.

"Туулган жердин топурагы алтын" демекчи, туулган жерине келип-кеткен жердештерине айылдыктар өтө ызаат менен мамиле жасашат. Алар кайсыл шаарда, эмне жумуш кылып, кандай адамдар менен бирге иштеше тургандыгы жөнүндө баарлашышат.

Мына ошол жол боюндагы көк тункукеден салынган, көп жылдар бою зор белги болуп келген үй – менин чоң атам Мадали ажыдан калган. Мадали чоң атам бул аймакты өзү

бийлеп, канчалаган адамдарды иштеткен, байлыгы ашып-ташкан ушул өрөөндөгү бирден-бир бай адам болгон экен.

Ал жөнүндө айтылуу төкмө акын Барпы Алыкулов “Мадали ажыга” деген алты куплет ырын да жазгандыгын мектеп программасын окуп жүргөндө мугалимибиз Момун Ормонов агай түшүндүрүп берген. Барпы акындын небереси классташым Айтали: “Сенин чоң атаң, менин таятамды эртеден-кечке иштетип, акысын кем берчү экен, сенин чоң атаң сараң бай” – деп, велосипедин тепкенге бербей, менден велосипедин аячу.

Мадали ажы чоң атам да, бай Жакыпка окшоп балалуу болбой жүрүп, акыры өлөөрүнө кырк күн калганда атам Турдумат төрөлүптүр.

“Алтын” деген байлыкты адам өлөөр алдында бирөөгө берүү өтө кыйын экендигин угуп жүрөбүз.

Чоң атам бир кумура алтынын үч жердин бирине: бир болсо тээ адырдагы мүрзөгө (ал мүрзөдөн жогору жакта “Мадали кыя” деген өзү жасаткан кыя бар), же мечитке; ал мечитти өзү салдырган экен, же ушул көк тунуке үйдүн бир жерине бекитилгендигин угуп калчу элем.

Жамгыр көп жаап, тамдын үстүнөн тамчы өтүп кыйналышканда, кошуна-колондун баары биздин үйгө келип калкаланышаар эле.

Атам Турдумат үчүн бул үй өтө ыйык сезилгени менен сынч менен бышыктап салынган үйдүн эскилиги жеткендигине көзү жеттиби, айтор,үйдү бузуп, кынапталып тигилген торсундарын ошол бойдон,үстүнө жабылган көк тунукенин формасын бузбастан, кайра эле он беш метр жол жак тарапка жылдырып, жарым жылга жетпей курдуруп койду. Мурунку калыбында, бирок, жаңы заңгыраган көк тунуке үйдүн тою, атам Турдуматтын ажыга барып келгендеги

ажы тою менен бирге өттү.

"Кыз ыргыткан таш" – демекчи, менден кийинки үч сиңдилерим да өз үй-бүлөлөрү менен өз алдыларынча түтүн булатышат.

Мен азыр жол боюндагы көк тунуке үйдө бүт үй-бүлөбүз менен жашаган бактылуу балалыгымды, өмүрүндө "өлүгүңдү көрөйүн" – деп, каргап-шилебеген, оор басырыктуу, кең пейил, камкор апамды, бүт өмүрүн эмгек менен өткөргөн мээнеткеч атамды, кокусунан жол кырсыгынан каза тапкан, чынчыл, боорукер агамды жана кой оозунан чөп албаган, бир оорудан даба таппай жаш бойдон көз жумган кара каш инимди эстейм...

Кубануу, өкүнүү, жаман менен жакшы эриш-аркак жүрөрүн эстегенде, көзүм жашка толуп, каңырыгым түтөп, өксүп-өксүп бакыргым келсе да, өзүмдү-өзүм сабырдуу кармоого аракет жасайм.

Мындай чагылгандай тез өткөн өмүр жакшы көргөн түштөй, же сонун көргөн тасмадай эле из калтырат тура!

## СҮЙҮҮНҮН КҮЧҮ

Бир паска көрүшпөй калсак көп убакыт өтүп кеткендей, мен аны күтүп, ал мага келип калчу. Чыныгы дитибиз менен саламдашып, кубанычка батчубуз. Даярдап койгон сабактарыбыз, факультеттерибизде болуп жаткан кызыктуу жаңылыктар, жаштардын ал абалы жөнүндө кеп салчубуз. Баарынан да коштошоордо бири-бирибизден айрыла албай, сырдуу тиктешип, бир топко убакыт өтчү.

Жүрөгүм жылуу кабыл алган бул жигит менен тааныша электе - мага мүнөзү токтоо, көпчүлүккө жаккан жигит болсо– деп, кыялданчумун. Кыялым ордунан чыгып, таанышканыбызга көп убакыт болбосо да, экөөбүз бири-бирибизге тартылышып бараттык. Сабактарынан жакшы окуп, коомдук иштердин активдүү катышуучусу экендигин бирге окуган курсташтарынан угуп жүрсөм да, ал күн санап мага жакын боло берди. Анын чечкиндүүлүгүнө, эркинин бекемдигине ичимен ыраазы болуп, ага суктанчумун.

Мына эмичи, мүмкүн, мүмкүн ал менден биротоло кол үзөөр. Менин күтүлбөгөн окуяга кабылгандыгым... Ал муну түшүнөөр бекен!

Жайкы сынактарыбызды ийгиликтүү тапшырып, эмгек семестрине бет алдык. Бири-бирибизди узатыштык, окуу башталганга чейин жолуга албас элек...

Каникул күндөрдүн биринде, өз тааныштарым, жакын санаалаштарым, өзүмдүн жакын адамым бар экендигин эстерине алышкан да жок. Өзүмдү түшүндүрүүгө канчалык аракет кылсам да, мени угайын деген киши болбоду.

Божурап тууган-туушкандары келет: “Таш түшкөн жеринде оор, жаман жерге келген жоксуң, баарыбыз сага

окшоп ыйлап келип, бүлө болуп калганбыз. Бул ар бир аялзатынын башына келчү иш". Койчу ушул сыяктуу сөздөр бир кулагымдан кирсе, экинчисинен зуулдап чыгып кетип жатты.

"Колго түшкөн коёнду, коё берген оңобу" болуп жатыщат го – деп түрдүү ойлорго келдим, минтип отурушума кыжырым кайнайт, колуман эмне келмек, баары тең төрт тарабыман жаалап турушса. Алардын мындай жалынып-жалбаргандары мен үчүн ата-бабабыздан келаткан салтты колдонуп, жөн гана акыл-насаат айтып жаткандай сезилди.

Батышта күн кызарып батып баратат. Дарактардын саргарган жалбырактары улам бирден учуп түшүп, жердин бетин жашырууда. Табияттын мындай кооздугу мени суктандырган жок. Ааламды караңгы түн каптап кеткенсиди.

Окуу башталаарына эки күн калганда шаарга келдим. Автобуста аны менен убактылуу коштошкон күндү эстеп келатсам, алдыман өзү чыга калбаспы! Көрөр замат жансыз абалда, чалкаман жыгылып кете жаздадым, жанымдагы жолдош кызым жөлөп калды. Бул абалымды ал байкаган жок, өзүмдү бекем кармоого аракет кылдым. Мурункудай сүйлөштүк, ал ушу күндү канчалык зарыгып күткөндүгүн айтты. Бул учурда анын мынчалык жайдары, көңүлдүү, көз карашын өзгөрткүм келген жок. Бирок, мени кыйнап, жүрөгүмдү өйүгөн нерсе, өткөндөгү мени зордуктап алып барышкан окуя. Ал муну укса, мени кандайча баалайт? Канчалык жакшы көрсө да, мени күнөөлөп басып кетсечи?! Мен жөнүндө кандай ойдо калат. Ушундай ойлор жүрөгүмдү мыкчып турду.

Алтынчы күн, биз кинодон чыгып, парк аралап бара жатабыз. Айлана аппак карга бөлөнгөн, нары жакта лыжа тээп ойноп жүрүшкөн жаш балдардын да көңүлдөрү көтөрүңкү.

Алар күндүн кечкирип бараткандыгын, беттеринин кызарып үшүп калгандыгын да сезишпестен, биринен сала бири жарышышып, өздөрүнчө кубанычтуу...

Мен акыры батынып, ага мындай суроо менен кайрылдым. Эгерде сүйүшкөн эки жаштын аруу сезимдери менен эсептешпей, кызды башка жигит зордуктап ала качып кетсе, ал кыздын сүйгөн жигити кандай абалда болот – деп, ойлойсуң дедим.

Ал адаттагысындай жай гана, албетте, андай учурда жигити шектенет, кызганат, кайгырат. Экөөнүн ойлору бир болсо кечирет, бирок, андай кокустуктардан алыс болуу үчүн кыз сырга бекем, кылдат болуш керек. Ар бир адам өз бактысы үчүн өзү күрөшөт. "Мында кыздын сырын түшүнбөстөн зордуктап кыйнаган адамдар күнөөлүү" - деди да, жообум канааттандыраарлыкпы дегендей мени карады.

Алды жактагы төрт кабат имарат, биздин жатакана. Түнкү саат он бирге жакындап калган. Көзөмөлчү кемпирдин жанында кызыл чүпүрөк байланган кезекчи студенттер жана да эки экиден, үчтөн жерде турушкан жаштар, биз сыяктуу коштошкону жатышат...

Бул жолу анын келгендеги түрү таптакыр башкача. Бирок, мени аяй да, сүйө да билди. Болуп өткөн окуя жөнүндө мен айта электе эле угуптур. Ушул окуя чынбы, кандайча? Бул сөзгө ишенген жок элем, өз оозуңан угайынчы деди.

Мен үн-сөзсүз кайгы муңумду көз жашыман чыгардым. Ал түшүнгөндөй, эмне кылышын билбей кетти. Мен оор дем алып, алыска көз жүгүрттүм.

Күнөөсүз күнөөлүү болуп жаткандыгыма ызам келди. Мейли, мени таштап кете берсин – деп, да ойлодум. Бирок, андан ажырагым келбеди. Анын кетип калаарын ойлогондо жүрөгүмдү аяп, бүт денем дүркүрөдү. Кайсы бирине күйүп

жанайын, ал ишке өзүм барсам, өкүнбөстөн жашап калбайт белем. Көңүлүм чөгүп, эч нерсени жактырбай бара жаттым.

Бир аз кадам шилтегенден кийин ал мага чечкиндүүлүк менен мындай деди: "Сүйүү деген ыйык сезим, а сүйүп калуу керемет". Чыныгы сүйүү кыйынчылыкты, тоскоолдуктарды жеңет. Ал үчүн эки тарап тең бири-бирин туура түшүнүш керек" дешет улуу акылмандарыбыз.

Мен сени эч кимге бербейм, алтыным! Ал менин чачтарымдан сылады. Анын мындай мамилесинен улам жүрөгүмдөгү оор жүк түшүп кеткендей, жеңилдей түштүм. Жаңыдан операциядан чыкан хирургдун колундай апакай колунан кармап, жүзүмдү ага бурдум. Ал баштагыдан да жароокерлик менен мени кучагына карай жакындатты...

## ЖАЗЫКСЫЗ НАРИСТЕЛЕР

Эки кабаттуу үйдүн биринчи кабатында жанаша жашаганыбыздан Айгүл менен кошуна жана теңтуш катары жакшы мамиледе элек. Ал өзүнүн ооруканадагы иштери менен алектенип, кечинде үйгө келгенде күйөөсү Алибек менен тиктешип олтуруп калышкандыктарын, турмуш курушкандарына бир топ жыл өтүп, бир кыздуу болуп, бирок, ал кыз чарчап калганын, эми төрөбөй калуу коркунучу турганын айтып калчу. Өзү мээрбан айым болгондуктан, күн өткөрүп жүрө бербестен, кыз асырап алууну чечишиптир.

Бир күнү сыртка чыгып бара жатсам, Алибек экөө жаңы төрөлгөн, кооз комплекке оролгон баланы көтөрүшүп,үйүнүн эшигин ачып жатышыптыр. "Кыздуу болдук" дешип жылмайышты. Мен "болсун, болсун" дедим. Мен үчүн күтүлбөгөн жаңылык болду. Мээримдүү болсун дешип, атын Мээрим коюшту. Айгүл Мээримди багып, бир жыл үйдө олтурду. Бир жашка толгондо балдар бакчасына тапшырышты.

Айдоочулук кесипти аркалаган кошунабыз Алибек анча-мынча үйгө түнөбөй, акыры биротоло үч балалуу келин менен баш кошуп кетип калды. Арадан көп жылдар өткөндө Кара-Суу базарынан өзүнө окшош кыз, өзүнө окшош бала менен келе жаткан Алимбекти көрүп учурашып, саламдаштык. Ал бир бала, бир кыздуу болгонун айтты.

Мээрим чоңоюп, мектепке барып калганда, Айгүлдүн апасы дүйнөдөн кайтат. Айгүл Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, ички иштер кызматында иштеп жүргөн атасына, өзүнөн кийинки алты эркек инилерине баш-көз болгону өзүнүн туулуп-өскөн жерине көчүп кеткен.

Элибизде "эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт", "Үй

сатып алганча, жакшы кошуна сатып ал" деген сөз каймактары бекеринен айтылбаптыр.

Токсонунчу жылдары элчилеп Айгүл да Москвага иштеп, Мээримди окутуп, тарбиялап, жалгыз бой турмушту өз башынан өткөрүптүр.

Мен Айгүл менен Бишкек шаарында жолуктум. Наркыберки турмуш-тиричилик жөнүндө сүйлөшүп, дагы да алдыда жолугушчу күндөрүбүз бар экендиги жөнүндө айтып коштоштук.

Айгүл жаңылбаптыр, кызы Мээрим ОшМУнун чет тилдер факультетин жакшы баалар менен аяктап, конкурстук жол менен Германиянын Мюнхен шаарына иштөөгө жолдомо алып, иштеп жатыптыр. Мээрим ошол жактан өз теңин тапкандыгын, турмушка чыгууга Айгүлдөн ыраазычылык сурагандыгын айтып, Айгүл толкунданып кетти.

Ушунча өмүрүм, Мээрим – деп, өттү, эми минтип алыста болуп калабы? Тез-тез телефондо сүйлөшүп турат, иштеп тапкан айлыгын мага жөнөтүп, мени байытып жиберди. Өтө эстүү, он кызга татый турган кыз болду – деп, Айгүл ичиндеги ага болгон жакшы көрүү сезимдерин жашыра албай, каңырыгы түтөп кетти...

Мээримдин чоң ата, чоң эне, ата, апасы бар сүйкүмдүү немец жигитине баш кошуп, бирге жашоо жөнүндөгү сунушун четке какпастан, анын көңүлүнө карап, Айгүл макулдугун бериптир.

Айгүл Мээрим менен күйөө баласынын үйлөнүү үлпөт тоюна барып, урмат-сыйга ээ болгонун, бардык чыгымдарды өздөрү көтөрүшүп, кубануу менен тосуп алышкандыктары жөнүндө айтты.

Ох-оо, жашоонун рахаты десе болот, жер көрүп, эл көрүп дегендей, түшүмдөй же кинодогудай эле элес калтырды

деп, ал адаттагысындай күлүп, каткырып алды.

Бул жолу мен Айгүлдүкүндө болгонумда буга чейин айткан Аяна деген беш жашар кызы менен таанышып, сүйлөштүм. Айгүл дагы бир эненин төрөп калтырып кеткен жазыксыз наристесин бактылуу кылууга бел байлаптыр.

- Аяналуу болуп калышыма Зарина себепчи болуп калды, - дейт Айгүл.

Ай-күнүнө жетип калган Заринага өз убагында Айгүл жардам берип, көз жаргандан кийин өз үйүндө алып жүргөн. Зарина Айгүлдүн ошол жакшылыгын эске алып, төрөт үйүнөн 1 кг. 700 г кызды балдар үйүнө өткөртпөй, мыйзам чегинде Айгүлгө алып бериптир.

Эми Айгүл Аяна менен эч эринбей, аны жуунтуп, кийинтип, балдар бакчасына алып барып, энелик мээримин төгүп жаткан учуру. Аянанын Мээрим эжесиндей акылдуу, эстүү, боорукер кыздардан болушуна ишенет.

Оомал-төкмөл жашообузда мындай жазыксыз наристелерге мээрим төгүп, жашоо берген энелерге таазим...

## ТУРМУШ УЛАНА БЕРЕТ ТУРА

"Мугалим мөмөлүү дарак" – деп, бекеринен айтылбаса керек. Көп жылдардан бери окуучулар, анан студенттер менен өткөргөн ишиме ичимен ыраазы болом. Адам эмеспизби, эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт дегендей, окуткан балдарым, студенттерим менен жолукканда фамилияларынан айтып сурашып калсам, "Эжеке, фамилияларыбызды да унутпай так айтасыз" – деп калышат.

Мени таанып учурашайын – деп, келаткан окуучума - Иий, иий Муратова кандайсың? – дедим. Сурашып жатып, эжеке биз бул көчөдө жашайбыз, каналдын ары жагындагы сиздин үйүңүз бизге көрүнүп турат – деп, калды. И, ий анда кошуна экенбиз, балдарың чоңоюп калдыбы? Күйөө бала кайсыл жерлик жигит –деп, сурап калдым.

Алар Ленинграддан окууларын бүтүп келишкендиктерин, жолдошу Алайлык жигит экенин, курулуш мекемесинде иштээрин, бир кыз, эки уулдары бар экендигин, өзү болсо мамлекеттик жумушун таштап, Кара-Суу базарында бир тууган сиңдилери менен бут кийим сатып жатышкандыктарын айтты.

Мен: Апиза жэң келсе, биздикине мейманчылыкка алып кел–дедим. Апиза экөөбүз Кара-Суу районундагы А.С.Макаренко атындагы мектепте бирге иштегенбиз. Мектептин атынан Кара-Суу райондук "Ыр кесе" таймашында Апиза экөөбүз Ж.Мамажановдун сүйүү жөнүндөгү "Махабат" аттуу ырын дуэт ырдап, байгелүү орунга ээ болгонбуз.

Окуучум Муратованын кошуна теңтушу Канымжан да мени менен сурашып, саламдашып калат. Ичинде кири жок, жөнөкөй келин.

Канымжан бүгүн негедир ичиндеги бугун чыгаргысы келдиби? Айтор, күйөөсү энергетика тармагында иштеп жүрүп, иш ордунда көзүнөн залака алгандыгын, ошого кыжаалат болгон күйөөсү ичкилик ичип алаарын, жаш балдарын багуу өзүнүн мойнунда экендигин, минтип гайморит оорусу күчөп, кычыраган ызгаардуу суукта оозу-мурдун таңып, нан бышырган цехтеги иштеген жерине бараткандыгын айтты.

Мен окуучу кызым Муратова Хабибанын кокусунан каза болгондугун да Канымжандан уктум. Муратова каза болгондон бир күн мурда Канымжандыкына киргендигин, сүйлөшүп отурушкандыктарын, анан кантип мындай өлүм болуп кеткендигине ишенбегендей, капа болду.

Кошуна теңтушум заңгыраган үйдү жууп-тазалап, аяр мамиле жасачу. Өздөрү эки бөлмөлүү ашкана үчүн салынган тарапта жашашчу. Заңгыраган эки кабат үйдүн терезелерине 20 миң сомдук терезе пардаларды илип, анын ичинен күндүн аптабы өңүн өчүрүп жибербеши үчүн газеталарды кадап койчу.

Теңтуш кошунамдын жылдыгы өтөөрү менен күйөөсү өзүнүн туулган күнүн өткөрдү. Ошол эле күнү ооруканада жамбашы сынып жатканда таанышкан медсестра келинге үйлөндү. Достору келип, той жакшы өттү.

Кошуна теңтушумдун ордуна келген келин пардалардын ичинен илинген газеталарды алып салып, дубалдарды тештирип, электр жылыткычын жасатты.

Элибизде "Тапкан-тутканың өзүңө буйрусун"– деген сөз бекеринен айтылбаптыр. Ар бир адамдын тапкан-тутканы өзүнө буйрусун – деп, Канымжан теңтуш келини Хабибанын "жалт этип күйүп, жалп этип өчүп" калганына ичи ачышып, турмуш улана берет тура –деп, каректери жашка толду...

## ЖЫЛМАЙЫП ТОСУП АЛСАҢ БОЛДУ

Алды-артын ойлобогон, төрт баласын көзүнө илбеген Урнисанын күйөөсү Орозбек сырты жылтырак аялдын үйүнө кирип алат.

Мындай жорукту күтпөгөн Урнисанын күйбөгөн жери күл болуп, көзүнө эч нерсе көрүнбөй тумандап, ушу мени, мени ушинтип таштап кеттиби? – дейт. Мен мындай азапты көтөрө албайм, көтөрүүгө күчүм да жетпейт деген -Урниса – көз ачып тийген күйөөсү Орозбекти ошол сырты жалтырак аялдын үйүнөн кармап алганда, көргөн көзүнө ишенбей, каңырыгы түтөп, биротоло түңүлөт.

Күйүттүү күндөрдүн өтүшү кыйын болсо да, балдары үчүн жашоону улантыш керектигин Урниса күнү-түнү ойлонот, сабыр кылып, жараткандан балдарынын тынчтыгын тилейт.

Күндөрдүн биринде сырты жалтырак аял жөнүндө угуп, төбө чачы тик турат. Көрсө, ал аял бутуна туруп, иши жүрүшө баштаган далай эркек менен мамиле түзүп,үйүнө киргизип алып, аны малдай сааганды адатка айлантып алган аял экен.

Эсеби алты эркекти ушундай жол менен капканына түшүргөн сырты жалтырак аял – Урниса сыяктуу аялдардын, алардын бала-чакаларынын көз жаштары жөнүндө ойломок кайда?..

Көчөдө Урнисага кезигип калдым. Бу жолу анын маанайы жарык, кийинген кийимдери да жарашыктуу, жаркырап-жайнап учурашып калды. Тынч, аманчылык, балдарыбыз жөнүндө сүйлөшө кеткенибизде, Урниса: "Ээ, досум, Орозбек азыр менин жылмайып гана тосуп алышыма зар болуп калган" – деп жылмайды.

Ал өзүнүн күйүт тартып жүргөн күндөрү узакка созулбагандыгын, азыр Орозбек "Үйгө келгенимде жылмайып гана тосуп алсаң эле болду, күнөө менден кеткен, балдарыбыз үчүн кечирип кой" – деп, курчтугу кетип, айланчыктап камкор ата болуп калган. Менин жылмайып тосуп алуум гана керек экен" – деп, жылмайды.

Мен өткөндөгү окуялар жөнүндө- ооз ачпайм, мага муну менден жашы бир топ улуу Арзыкан эже насаат кылып айткан. Ал эже да өз башынан өткөнүн мага сабак болсун–деп, айткан тура! – деди Урниса.

Ушул окуядан улам биз жашаган өмүрдө өмүрүбүздүн ар бир күнүн, ар бир саатын эң бактылуу өткөрүү – өзүбүздүн гана колубузда экендигине дагы бир ирет ынанып, ар бир адам бактылуу болууга тийиш, эгерде бактылуу болбосо, өзүнөн көрсүн, - деген сөз бекеринен айтылбаптыр деген ойго келдим.

## Алар мага ак лимузин менен келишет
## (Этюд)

Жолдогу ак лимузинде атам менен апам бар окшойт! Жүрүңүз тайне тез жетели!

Мүдүрүлүп, жыгылып кетээри капарында жок, жандалбастап, энтиккен бала бешенесиндеги жалтырап аккан терди оң колу менен аарчып, бойтогой кадамдарын тез-тез таштап, чуркап баратты...

Күтүлбөгөн окуяга кандай кадам жасаарыңды билбей калат экенсиң!

***Карегиңден кагылайын кичинекейим – мындай сагынып күткөн бир көз ирмемиң – жер жүзүндөгү бүтүндөй дүйнөдөн кымбат!***

Бул учурда жүрөгүм дароо уйгу-туйгу болуп, өзүмдү коёрго жер таппай кеттим...

Анын ата-апасынын бакты-таалайлуу үй –бүлөлөрдөн болушу үчүн эки тарап тең кам көрүп, кыргыздын бардык салт –санааларын колдонуп, кубанычтарыбыз койнубузга батпай, белгиленген күз айларынын күркүрөгөн күндөрүнүн биринде, баш кошуп жаткан эки жашка кең келечектер айтылып, чоң той өткөрүлгөн...

Атасы менен апасы араздашып, экөө эки жакта жүргөн төрт жашка толо элек, бал тилдүү баланы, таяжемдин Айчүрөк, Жазгүл аттуу небере кыздары өтө жакшы көрүшүп, эркелетип ойнотушчу.

Эки кыз тең аппак көйнок кийишип, той-тойлоп, турмушка чыгып кетишти. Тагасы Айбектин да үйлөнүү тою өткөрүлүп, үйүбүзгө ак көйнөктүү сулуу кыз кирди. Ошол тойдун дисктерин көрүп, тою болсо үйүнөн башка жакта жашап калат экен – деген, ойдо жүргөндө: баланын апасы

“Мен иштегени кетсем, биздин тойдун дискин көрсөтүп, апаң да сулуу кыз болуп кетти дейсиңер” дегенинен ата-апасынын той дискин коюп бергенбиз.

***Атасы менен апасынын тойдогу дискин улам-улам кызыгуу менен көргөн бала, балалык аруу сезиминде “Алар мага ак лимузин менен келишет” – деп, зарыгып күтүп жүргөн тура!***

***“Алар эмнеге мени өздөрү менен алып кетишпеди? Мен алар келгенде катуу кучактап өбөм. Алар мени сагыныштыбы? Алар күн ысык болгондобу? Же кар жааганда келишеби? Менин күчүм көп го, тайне, мен эки колум менен алардын колдорун бышык кармайм, бекем кармап, кое бербейм! Алар мени ойнотуп, эркелетишет”*** - деген сөздөрдү да бекеринен айтпаптыр.

Ошондон улам бала жолдо турган ак лимузинге жетүүгө өтө ынтызарлык менен умтулган тура!!!

# Масслык маалымат беттеринде жарык көргөн макалалары

Ал эртеңки адис

## Сыймык

Биз жакында СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин V курсунун студенттери борбор шаарыбыздын жана Москва, Чүй райондорунун бир катар мектептеринде болуп, стажердук практиканы өткөрдүк.

Бул жолу биз адаттагыдай эле Мелис Акматалиевдин сабагына катыштык. Профессор Киреше Иманалиев, доцент Самак Давлетов, окутуучулар Татый Галиева, Айтбүбү Алымова, №5 мектептин тилчи мугалими Бермет Жанчарова жана бир нече студент-практиканттар бар эле. Баарыбыз класска кирдик. Ошентип сабак да башталды.

Мелис сабакты тез эле уюштуруп, өтүлгөн материалдарды кайталоого киришти. Окуучуларга өтүлгөн теманын толук түшүнүктүү болгондугуна көзү жеткен Мелис аны корутундулап олтурбастан, кийинки темага байланыштуу болгон айрым материалдарды гана эске салып, жаңы темага өз ара өзүнөн –өзү байланышып, бир бүтүн нерсенин уландысы катары окуучулардын көңүлүндө уялай түштү.

ЖАҢЫ ТЕМА: “Жусуп Турусбековдун өмүрү жана чыгармачылык жолу”. Терезелердин пардалары шарт тартылып, класс иичи караңгылай түштү да, кодоскоп тилге кирди. Экрандан Ж.Турусбековдун портрети жаркырап көрүндү.

-Балдар, бул адамдын ким экендигин билесиңерби?

Билсеңер аты-жөнү ким? Кандай кесипте эмгектенген? –деди да, анча-мынча тынымдан кийин, терезенин пардаларын ачып жиберди. Ангыча, Ж.Турусбековдун портрети доскага илинди, окуучулар портреттин Ж.Турусбековдуку экендигин, ал жазуучулук кесип менен эмгектенгендигин айтышты да, “Ажал ордуна” музыкалуу драмасынын автору экендигин билдиришти.

-Туура, биз бүгүн дал ушул адамдын-баарыбыз урматтап, чыгармаларын зор кызыгуу менен окуп жүргөн агайыбыз Ж.Турусбековдун өмүрү- чыгармачылыгы менен таанышабыз,-деп сөзүн баштады да, акындын туулган мезгилин көрсөткөн ичке тилкедеги жазууну портреттин алдына илди. Андан ары акындын өмүрү жана чыгармачылыгынан маалымат берди. Кыргыздын акын-жазуучулары сыяктуу эле Ж.Турусбеков да оор турмушта чоңойгондугун, “Ажал ордуна” драмасын сөз кылууда ал боордош элдердин жана кыргыз элинин башка акын-жазуучуларынын чыгармалары менен салыыштырмалуу планда баяндалды.

1916-жыл жеке эле кыргыз элинде эмес, башка боордош элдердин турмушу да оор болуп, тарыхка из калтырды. Түркмөн жазуучусу Берди Кербабаевдин “Чечүүчү кадам”, Сабит Мукановдун “Бото көз”, Айбектин “Ыйык нан”, М.Ауэзовдун “Түнкү дүбүрт”, кыргыз жазуучуларынан А.Токомбаевдин “Таң алдында”, Мукай Элебаевдин “Узак жол” аттуу чыгармалары сыяктуу эле Ж.Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасы мына ушул 1916-жылдагы абал жөнүндөгү чыгарма экендигин айтты.”

Андан ары жазуучунун Ленинге арнап жазган ырын үн кубултуп жатка айтуу менен В.И.Лениндин жаркыраган сүрөтүн көрсөтө салды.

Мындан кийин магнитоофонду бурай, акындын "Кызыл жоолукчан" деген ырын уктуруп, анын эмгек темасына арналып жазылган чыгарма экендигин айтты. Анан: -Кана балдар, бул ырды ким аткарып жатат?-деди, жалпы суроо коюп. Окуучулар бул ырды жакында коомчулугубуз 70 жаштыгын белгилеген СССРдин эл артисти Абдылас Малдыбаев аткарып жаткандыгын айтышты.

1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун декадасында украиналык драматург К.Корнейчук Ж.Турусбековдун драмаларынын жогору баалангандыгын айтып, анын "Ажал ордуна", "Токтогул" аттуу музыкалуу драмалары сахнадан түшпөй, көрүүчүлөрдүн купулуна толуп келе жаткандыгын баяндады. Белгилүү акын-драматургдун адабиятка сиңирген эмгеги эл тарабынан жогору бааланып, анын ысымы колхоздор менен мектептерге, китепканалар менен көчөлөргө коюлгандыгын айтып, Мелис сабакты социалисттик Эмгектин Баатыры, академик А.Токомбаевдин: "Ж.Турусбеков-акындын мөлү" деген эскерүүсүн айтуу менен жыйынтыктады.

-Мелистин сабакта берейин деген ою так, техникалык каражатты пайдалана билүүсүнөн эч кандай кынтык сезилбейт, атаганат, мындай жөндөмдүү, эрктүүлүк бардык студенттерибизде болсо гана,-дейт профессор Киреше Иманалиев өзүнүн толкундануусун жашыра албай.

Биз ушул учурда сабак өтүүдөгү өз кемчиликтерибизге ичибизден уяла да, өз курбубуздун алгачкы ийгиликтерине суктана да, анын эртеңки күндүн мыкты мугалими болоруна ынандык.

"Мугалимдер газетасы"
1977-жыл 9-ыевраль

## ЖЕҢИЛ КОЛДУУ ДАРЫГЕР

Ош облустук ооруканасында иштеп жаткан "Бет, жаак хирургия" бөлүмүнүн башчысы Эшиев Абдырахман Молдалиевич жөнүндө жылуу пикирлерди көп угуп келебиз.

Аталган оорукананын "Бет, жаак хирургиясы" бөлүмүндө: бет, жаактагы рак оорулары, тиштин кабылдап кетиши, авто кырсыктан жараат алгандар, тубаса нышан төрөлгөндөр дарыланышат.

Эшиев Абдырахман Молдалиевич 1979–1984-жылдар аралыгында Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун стамотология факультетин бүтүргөн.

1985-жылы Ош дубандык ооруканада хирургиялык стамотология боюнча интернатурадан өтөт да, ушул эле оорукананын "Бет жаак хирургия" бөлүмүндө иштеп калат.

Анын китеп текчесинде өз кесибине байланышкан окумуштуулардын илимий китептери арбын. Абдырахман Молдалиевич, өз билимин өркүндөтүү үчүн Москва шаарыда эки жолу Кавказ, Алма-Ата, Бишкек шаарларында эки айдан "Бет, жаак хирургиясы" боюнча курстардан өткөн.

Азыркы учурда коомубуздун бат өзгөрүп жатышы – көптөгөн информацияларды тынымсыз үйрөнүүгө мажбурлап жатат. Бул жагдайда Абдырахман Эшиев өз кесибине кан-жаны менен берилип иштеген инсан катары белгилүү болуп калды.

Эшиев Абдырахман жыл сайын мединститутту бүтүп, интернатурага келген бүтүрүүчүлөр жана ар бир райондон өз билимдерин өркүндөтүү үчүн келишкен врач стамотологдорго "Бет, жаак хирургиясы" боюнча – лекцияларды окуп, аны практикалык жактан көрсөтүп, ошол шакирттери аркылуу

элдин саламаттыгын сактоого үлүшүн кошуп жаткандыгынын өзү эле, атайын сөз кылууга арзыйт.

(“Ош жаңырыгы” 1994-ж.)

*Тил мыйзамы жүзөгө кандайча ашырылууда?*

## ӨЗ АРА ТАЖРЫЙБА АЛМАШЫЛЫП ТУРУЛСА...

Республикабызда эне тилибизге мамлекеттик мыйзам эчак берилсе да, көпчүлүк жерлерде бул маанилүү ишке жетик көңүл бурулбай, жайбаракаттык менен жылууда.

Өкмөт чара көрбөй жатат–деп, эле сүйлөсөк тилибизден чаң чыгып, а аткарган ишибиздин кыпынчалык мааниси жок, оозду куу чөп менен аарчыгандар көбөйдү. Өкмөт жетекчилери тил мыйзамы боюнча бир топ токтомдорду, ишчараларды кабыл алып жатат. Ал эми алардын баарын аткаруу, жалпы жумурай-журттун, жамааттын жетекчилеринин колунда экендигин билебиз. Өкмөт бир ууч адамдардын тобу, ошол эле элдин өкүлдөрү болсо, эл деген тоодой толкун эмеспи.

Элге билим берүүнүн министри да бул иштен четте

калбастан конкреттүү чараларды, программаларды иштеп чыкты. Эне тилибиздин кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары өсүп-өнүгүшүнө Кыргызстандын атуулу деген ар бир инсан жоопкер болуу керек. Тил мыйзамы үчүн жеке эле кыргыз тил коомдору, саналуу кишилер эмес, баарыбыз, министрликтен тартып ар бир ишкана, уюм, окуу жайлары колдон келген аракеттерин жасоосу зарыл.

Мына кыргыз тил мыйзамы чыккандан бери бир топ чаралар жүзөгө ашырылып, тактап айтканда, балдар бакчаларында, жалпы билим берүүчү кыргыз эмес орто мектептерине кыргыз тили сабактары киргизилип, атайын орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз топтору ачылып, аларга дээрлик кыргыз тилинде сабактар өтүлө баштады. Министрликтер, ведомстволор өз тармактарына мыйзамды, жогорку деңгээлдеги токтомдорду жүзөгө ашыруу боюнча милдет көрсөтмөлөрдү кабыл алып, мамлекеттик тилди каржылоого эсеп ачып, кыргыз тил коомдору түзүлдү.

Бирок, биздин облуста кыргыз тил мыйзамы боюнча иштер ойдогудай жүргүзүлүп жатабы?

Биз Оштогу айыл чарба техникумунда бул багытта кандай иштер жасалды жана ишке ашырууда тажрыйба алмашып, ой бөлүшкүбүз келди.

Биздин айыл чарба техникумунун алтымыш жылдык басып өткөн тарыхында окутуу процесси жалаң гана орус тилинде жүргүзүлүп келген. Айыл-кыштактардан улуттук мектептерди бүтүп келгендер орус тилин толук билбегендиктен, көптөгөн кыйынчылыктарга дуушар болушаар эле. Себеби алар кайра эле айыл жерине барып, иштеше турган адамдар да. Ошондуктан ачыгын айтканда, мамлекеттик тил мыйзамынын шарапаты биздин окуу жайыбыздын окуучуларына бир топ жеңилдик алып келди

десек болот. Мамлекеттик тил мыйзамынын ишке ашкандыгына төрт жыл толсо, мына ошол төрт жылдан бери карай талапкерлерди кабыл алуу, окутуу көбүнчө кыргыз тилинде жүргүзүлүүдө. Буга байланыштуу педагогикалык жамааттын арасында да өзгөрүүлөр болду.

Улуттук топтогу окуучуларды окутуу үчүн атайын жогорку билими бар жөндөмдүү педагогдор ишке тартылган. Ар кандай иштин кыйынчылыгы боло тургандыгын жакшы түшүнүшкөн педагог мугалимдерибиз механизация, тарых, экономика, ЭВМ, агрономия, химия, эстетика, этика, атайын предметтер боюнча окуу планы үчүн түзүлгөн кыргыз тилиндеги окуу куралдары, окуу китептери жоктугунан колдорунан келишинче өздөрү которушуп, кыргыз тилиндеги лекцияларды, конспекттерди жазып, теориялык жана практикалык иштерди өткөрүшүп, бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө аракеттенишүүдө. Чыгармачылык менен иштеген мугалимдер өздөрү канчалык деңгээлде которо алышса, балдарга ошол калыбында жеткиришип, тагылган милдетти так, абийирдүүлүк менен чечишкен.

Ушул тапта кээ бир предметтер боюнча аба менен суудай керек болуп турган терминологиялык сөздүктөрдүн жоктугу, педагогдорду көп түйшүктөргө салып жаткандыгы кандай өкүнүчтүү. Тиги жок, бул жок, окуу куралы–деп, курулай сөз менен кол куушуруп олтура берүү – азыркы турмуш үчүн ылайыксыз. Ошондуктан ар бирибиз колубуздан келген ишти тырышып аткарууга туура келип жатат. Чындыгында эл агартуу кызматкерлеринин иши түйшүктүү, жоопттуу жана татаал.

Кийинки мезгилдеги статистикалык эсептөөлөргө караганда, окутуучулук кесипти аркалап келишкен бир топ педагогдорубуз башка кызматтарга ооп кетишкен. Окуу

жайынын бир бөлүмүндө мамлекеттик тил мыйзамынын көрсөтмөлөрүнө ылайык иш-чаралар белгиленип, аткарылуу мөөнөттөрү көзөмөлгө алынган. Орус, кыргыз топторунун дээрлик баарына жогортон берилген сабактардын эсебинде кыргыз тили сабактары киргизилген. Адабиятты окутуу атайын орто окуу жайынын окуучуларын асыл идеяларга, жогорку моралдык сапаттарга, аң-сезимдүүлүккө, турмушту тааный билүүгө үйрөтөт. Көркөм адабиятты техникумда окуган окуучулар дүйнөнү таанууга жана дүйнөгө көз карашынын калыптанышына гана жардам бербестен, алардын күндөлүк турмушуна да түздөн-түз тарбиялык мааниси бар–деп, эсептейбиз.

Биздин окуу жайда кыска эле убакыттын ичинде кыргыз тили жана адабият канаасы уюштурулуп, жасалгаланды, программада берилген материалдарга карата ар түрдүү көрсөтмөлөр, дидактикалык материалдар, иш кагаздарынын үлгүлөрү, методикалык жана көркөм адабий китептер менен толукталуу иштери жүргүзүлдү. “Ч.Айтматов жана XX кылым”, “Манас” деген темаларда даярдалган бурчтар ал жерден өтүп бараткан ар бир адамдын көңүлүн өзүнө бурбай койбойт. Кыргыз тилин окутуу баштоочу жана улантуучу топторго бөлүнгөн. Баштоочу топтогулар кыргыз эмес мектептерден бүтүп келгендер Искендер Исамидиновдун түзгөн программасынын негизинде, оозеки сүйлөшүү менен практикалык окутуу тартибинде өтүлөт.

Улуттук мектептен 9-классты жана орто мектепти бүтүп келгендер кыргыз тили боюнча Үсөнбек Асаналиевдин түзгөн программасынын негизинде сааттарга бөлүштүрүлүп окутулууда. Окуу жайынын администрациясы улуттук тилди билбеген топтордогу кыргыз тили боюнча өтүлгөн сабактарга өзгөчө көңүл бурат. Сабактар өтө кызыктуу, жеңил жол менен

түшүнүү үчүн кам көрүлгөн. Тактап айтканда, түрдүү түстөрдөгү ар кайсы буюмдардын сүрөттөрү, сандарды эске тутуу боюнча түрдүү ыкмада суроочу көргөзмөлөр көбүнчө оозеки сүйлөшүүгө колдонулуучу этиш сөздөр, алардын котормолору жазылган көрсөтмө куралдар ар кандай темаларга карата түзүлгөн тесттер, кыргызча-орусча сүйлөшмөлөр жана майда китепчелер менен толукталган.

Баштоочу топтогулардын арасында кыргыз улутундагы балдардын өз эне тилдерин таптакыр билбей тургандыгын зор өкүнүү менен айта кетели. Эмгек жамааттарынын арасында өткөн окуу жылында кыргыз тили боюнча 70 сааттык программадагы сабактар окутулуп, азыркы күндө да өз алдынча үйрөнүп жатышат.

Азыр бизде кыргыз тилиндеги окуу китептер таптакыр жок, терминологиялык сөздүктөр жок, ал эми газета беттеринен айыл чарбасында кеңири колдонулуучу "Эспарцет", "Ляпис", "Шальфей" жана башка көптөгөн сөздөрдүн кыргызча котормолорун биле албай убаралануудабыз.

Ошондуктан, бул боюнча атайын китептер мүмкүн болушунча тезирээк чыгарылса жакшы болмок.

Акырында айтаарыбыз, облусубуздагы атайын орто, жогорку окуу жайлары өздөрүндөгү тил мыйзамынын ишке ашырылышына, аны окутуу тажрыйбалары жөнүндө ой бөлүшүп, гезит беттеринде ал жөнүндө макалаларын сунуш кылып турушса, баарыбыз үчүн пайдалуу болоор эле деген ойдобуз.

("Ош жаңырыгы" 1998-ж. 30-октябарь)

## Мамлекеттик – кыргыз тили үчүн күйүп – бышчу

"Азыркынын кыз Сайкалы" деген темада ыр жазып бүтүп, бул эскерүүнү баштадым. Азада эже Ош областынын мамлекеттик администрациясынын имаратында Ош областтык кыргыз тили коомунун төрайымы кызматында, мен кошуна жайгашкан Ош айыл чарба техникумунда кыргыз тили жана адабият сабагынан окутуучу кызматында иштеп турган учурубузда кыргыз тилине мамлекеттик статус берилип, «менмин» деген тилчилер, кыргыз тилинин күйөрмандары, мамлекеттик тилге камкордук көрүүнүн аракетиде болуштук. ОшМУнун профессору, белгилүү илимпоз Шериев Жээналы Шериевич баш болуп, тил коомунун төрайымы Азада эже каш болуп, тил коомунун мүчөлөрү топ-топторго бөлүнүп, конкреттүү иштерди апта сайын жүргүзүп жаттык.

Менин энчиме Ош шаарындагы медицина тармагынын мамлекеттик тил мыйзамына карата жүргүзүлгөн иш-чараларды текшерүү берилген.

Ушул тапшырылган ишти аткарууда өмүр сакчыларынын ичинен медицина илиминин доктору, профессор Жолборс Жээнбаев, медицина илиминин кандидаты Төлөн Шайназаров, ошол кездеги областтык стоматологиялык поликлиниканын башкы врачы, маркум Калдарбек Калканбаевич сыяктуу өз эне тилине жүрөк оту менен берилген чыныгы атуул инсандарыбыз бар экендигине ишенип, төбөм көккө жеткен.

Мен окуу жайдагы студенттердин мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттыруу максатында «Тилибиз тилегибиз, дилибиз жүрөгүбүз» деген темадагы тил таймаштарды группалар, курстар арасында өткөрө баштадым.

Бул тил таймаштарга Азада эже жан дили менен

катышар эле. Ал эмес бир жолу сабак өтүп жатсам: каалга тыкылдайт, басып барып ачсам Азада эже турат. Келиңиз, келиңиз эже – дедим. Келээрин айткан эмес. Ошол кезде «Мээримим адамдарга» деген кичинекей китепчеси жарык көргөн кез. Баса, ал китепти сатуу керек – деп, мага да бир нечесин берген. Кириңиз дедим. Каанага менин алдымда басып кирди да, олтургучуңа отура берейинби–деп, жылмайып сурап калды. Эже отуруңуз, отуруңуз–деп, чын дилден ызаат көрсөттүм. 15-20 чакты эсепчилик тобунун студент балдар-кыздары менен баарлашып, бат эле өз ара түшүнүшүү атмосферасы түзүлүп калды. Азада эже балдардын жүрөгүндө не деген ой-максаттар бардыгын, ага жетишүү үчүн күрөшүү керектигин, жашоо үчүн берилген өмүрдү бош өткөрбөөнү, ар тараптуу, түшүнүктүү кылып сүйлөп жатты. Дымып, кунт коюп угуп, баарлашуу узакка созулушун самап жатышты. Китебиндеги «Кыргыздын мырзасы», «Мээримим адамдарга» деген ырларын окуп берди. 3 сомдон (ал кезде 3 сом чоң акча эле) 3 сому жоктору мага жаздырып, эртең беребиз–деп, «Мээримим адамдарга» китебин сатып алышты.

Азада эженин ошол күнкү ойлору, тилектери, көз караштары жөнүндө студенттерим бүтүп кетишкенче жылуу маанайда айтып жүрүштү. Анын ажайып жан экендигине ичтеринен айран-таң калышканы байкалып турду.

Эми ойлойм, Азада эже өзүндөгү ички сезимдерди көп адамдарга жеткирүүгө үлгүрсөм деп шашып калганбы?

Тил таймаштагы окуя да эстен кеткис. Атайын номерлердин акырында: Чыныкан мага мүмкүнчүлүк бер, – деп, суранып, комуз менен ыр ырдап, төгүп, бүтүндөй залды өзүнө багынтты.

Окуу жайыбыздын директору Сейитбек Юсупович Аматов Азада эже кыздар бригадасында иштеген учурда Кара-

Суу райком комсомолунда уюштуруу бөлүмүн жетектеп иштеген. Мен мектептеги комсоргдук милдетти аткаргам. Жалындуу жаштыгыбызды комсомолдо иштөө менен өткөргөнбүз-деп, сыймыктанып калаар элек. Директорубуз өтө сүрдүү болгондуктан, айрым студенттерибиз саламдашуудан да тартынышат. Бул күнкү таймашта Азада эже ага караган жок, комузда кол ойнотуп, бир маалда “Сейитбек мени күндүзү эмес, кечинде чакырсаң болбойбу»,-деп тамашага аралаштырып, сөз менен таш ыргыта баштады. Директорубуз күтүлбөгөн ыр саптарына эмне кылаарын билбей, бир мени, бир залдагы студенттерди карап, ыңгайсыз абалда калды. Бирок салтанаттуу кече көркүнө чыгып, бат эле зал шаңга бөлөнүп, баарыбыз Азада эжени коштоп жаттык. Таймаш өтө кызыктуу өттү. Мугалимдин кандай экенин окуткан балдарынын кийинки жасаган мамилесинен бил, дегендей ошондогу окуткан балдарым менен жолукканда, ошол сыяктуу кечелерди сөзсүз эскеришет.

Ошондогу Азада эже кайтыш болуптур, кайран,-деп өкүнүч менен айткан учурлары да көп болду. Азада эженин күлкүсү келип, зорго айтып берген бир окуясын айтайын. Областтын губернаторуна бир киши экөө кирүүлөрү керек экен, эже анын атын айткан, эсимде жок. Саат 9.00дөн өтүп, кирели десем эле өзүнчө кетенчиктеп, тайсалдайт, себебин түшүнбөйм-дейт. Бир маалда Азадакан кофтаңызды оң кийип алыңызчы десе болобу! Шашканымдан байкабай үйдөн кофтамды тетири кийип келиптирмин -деп күлгөнү эсимде бар.

Республикалык кыргыз тили коомунун I сьездине Оштон Жыпар Акунова, Мамбет Назаров. Азада эже жана мен болуп, төртөөбүз жолдомо алганбыз. Биз бир күн мурда учуп кеттик. Азада эже ошол күнгө таң азандагы рейске билет

алыптыр. Самолетко түшүп, жөнөөрүндө жөнөтүүчү кыздар орусча сүйлөшсө, эмне үчүн кыргыз тилинин сьезди болуп жатса, кыргызча сүйлөбөйсүң деп урушуптур, ал кыздар Азада эжени самолеттон түшүрүп жиберишиптир. Экинчи рейс менен сьездге кечигип, чачтары майда өрүлгөн, үкү топу кийген Азада эже саат 11 лерде тыныгуу учурунда кирип келди. Кайда жүрөсүз, десек "кыргыз болуп туруп кыргызча сүйлөшпөйт, урушуп кеттим, мени түшүрүп салышты, экинчи рейс менен келдим",-деп кечигип калганына өкүнгөндөй, бирок, ырас кылдым аларды дегендей маанайда орундукка келип отурду.

Дагы анын агам-жеңемдерге "Мен өлүп калсам, Азада командировкага кетти – деп, койгула деген сөзүчү. Аттиң, көп нерсени туура сезген Азада эже өзүнүн бу дүйнө менен эрте коштошоорун алдын ала сезди бекен - деген ойго батам. Тыпылдап баскан, шарт сүйлөгөн, сүйкүмдүү элесиңиз дайыма биз менен кошо жашайт.

"Ош жаңырыгы" 2009-жыл. 12-декабрь

# ДЕПУТАТ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

"Атагын уксаң алыстан ук, жанына келсең бир адам" – демекчи биз бул макалада азыркы замандын ишкер инсаны, айтылуу БАЯМАН ПАЛВАН ЭРКИНБАЕВ жөнүндө сөз кылмакчымын.

Заманыбыз тез өзгөрүлүп, жашоо үчүн ар бир адам өз алдынча күрөшө баштады. Ошол заман агымын курч ой жүгүртүүсү, зиректиги менен сезе билген Баяман палван өзүнүн тынымсыз аракетинин натыйжасында, эл оозуна тез алынды.

Өзү теңдүү балдардан идиреги менен өзгөчөлөнүп турган Баямандын нукура палвандык касиети жаш кезинен тойлордо өткөрүлгөн күрөштөрдө, спорттук мелдештерде көпчүлүктү таң калтыра баштады.

Өзүнүн салмагынан бир нече килограмм оор, жетигип күрөшүп жүргөн палвандарды да көтөрүп туруп жыгып салганда, көрүп турган күрөш күйөрмандары алкоо сөздөр менен ага зор бийиктиктерди каалагандыктарын жашыра албаган учурлар көп болгон.

Атайын спорттук машыктыруучу мектептерден окуп билим алуусу, анын техникалык мыкты чеберчиликке жетишүүсүнө көмөк көрсөттү.

Кыргыз эл депутаты Баяман палван жөнөкөй карапайым адамдын кенже уулу. Баямандын атасы Кавыс авамдын "Баяман баатыр, чаап келе жатыр, менин уулум бий болот, эл башкарат", – деген сөздөрү кулагыма азыр да жаңырат.

Аттиң Кавыс авам азыр тирүү болгондо, ошондогу тилегинин ордунан чыккандыгына ынанаар эле!

Жаш болсо да ар бир нерсеге парасат салган, улуу-

кичүүгө урмат-сый менен мамиле жасаган, илбериңки, ыкчам кыймылдуу, өткүр көздүү баланын өзгөчө касиеттерин, ошондо эле алдын-ала туйган бейм!?

Ал Баяман Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп жүргөндө каза болду, көзүн көрбөй, сөзүн укпай калганына каңырыгы түтөгөн Баяман кырк күн бою мүрзөсүнө чуркап барып, куран окуп келип жатты... Кийин өзүн көрбөй, сөзүн укпай калгандыгын, кези келгенде ошол дүйнөдө жолугарбыз" – деген ыр саптарын жаратып, ак мрамордон эстелигин койдурду.

Жакшылык менен жамандык эриш-аркак жүрөрүн жадында туткан Баяман убакыт таап, тууган-уруктардын, жакын санаалаштарынын той тамашаларына ортоктош болуп, чери жазылып ойноп, бийлеп жамандыгына көңүл айтып, куран окуп кайтат.

Өткөн жылы Аксы окуясында курман болгондордун бир жылдыгына барып куран окуп, 30 миң сом жардам бергендигин телеэкрандан көрсөттү. Ал эл-журтка көп жардам берди. Мисалы, анын үч жылда аткарган депутаттык жумуштарынын айрымдарына көз жүгүртөлү:

1. Баткен районундагы Кыштут айыл өкмөтүнө караштуу Согмент жана Газ элинин суроолору боюнча 370 миң сомдук көпүрө куруп берди.
2. Кадамжай районундагы Орозбеков айылындагы селден жабыр тарткандарга материалдык жардам катары 200 миң сомдук цемент жана шифер берди.
3. Баткен жана Кадамжай райондорунун мектептери үчүн 120 миң сомдук 10 даана компьютер сатып берди.
4. №24 өзүнүн шайлоо округунда жашап жатышкан согуштун майыптарына, катышуучуларына, тылда

эмгектенгендерге 9-май майрамдарын өткөрүүүчүн жылына 320 миң сомдон (бардыгы 960 миң сом) берип келе жатат.

**5.** Аксы районуна караштуу Аксы жана Кербен айылдарында курман болгондордун үй-бүлөлөрүнө 30 миң сомдук жардам көрсөтүлдү.

**6.** Баткен районунан Ош шаарына келишкен согуштун катышуучуларына, аксакалдарга жана жакыр үй-бүлөлөргө "Алай" мейманканасынан акысыз орун берип келе жатат. Үч жыл ичинде 20311 жашоочу, 2234 күн жашашып, аларга 349782 сомдук жай акысы берилди.

**7.** Баткен облусундагы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдуу маселелерди чечүүгө, Баткен жана Лейлек райондорунун таможня postторун алып салууга зор салымын кошту.

**8.** Кыргыз элин дүйнөгө таанытуу максатында, кыргыз улуттук күрөшүн "Алыш" деген ат менен дүйнөгө таанытып, дүйнөлүк олимпиада оюндарынын катарына кошуу аракетин жасап келе жатат. Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу 2002-жылдын 19-23-сентябрында кыргыз күрөшү боюнча эл аралык биринчи чемпионат өткөрүлүп, ага дүйнөнүн 39 өлкөсүнөн өкүлдөр келип катышышты.

– 2003-жылда "Алыш" күрөшүнүн дүйнөлүк экинчи чемпионаты Иран-Ислам Республикасынын Тегеран шаарында өткөрүлөт.

Кыргыз улуттук "Алыш" күрөш федерациясына Германия, Литва, Белоруссия, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Казакстан мамлекеттери толук кандуу мүчө

болушуп, алардын федерациялары уюштурулуп, каттоодон өттү.

9. Баткен облусунун "Мээрим" кайрымдуулук фондуна "Ош–3000" Жаш таланттар сынагынын катышуучуларына 20 000 сом, Баткен районунун "Мээрим" кайрыдуулук фондуна – 25 000 сом, Кадамжай районунун "Мээрим" кайрымдуулук фондуна – 25 000 сом акчалай каражат бөлүнүп берилди.

Азыркы күндө Кадамжай районунун Халмион, Бүргөндү аймактарында 650 кошумча жумушчу орун бере турган ортолук базардын бүткөрүлүшүнө көмөк көрсөтүлүп жатат.

Баяман өзүнүн жеке ой-максаттарын иш менен бекемдеп, азыркы замандын эң алдыңкы инсаны катары эл арасынан суурулуп чыкты десек болот. Миллиондогон сомдорду элге таратуу эмес, өз үй-бүлөсүн дурустап бага албагандар канча?

Бизде, Кыргызстанда канча үй-бүлөлөр Баямандын эл үчүн аткарып жаткан иштерине ичтеринен ыраазы болушуп, биздин балабыз дагы "Баямандай болсун" дешип, жакшы тилек менен ысымын Баяман коюп жатышкандыктарына күбөбүз.

Баяман Кыргыз эл депутаты катары конкреттүү иштерди аткарып, чечилбеген проблемалды чечип, бүткөрүлө элек иштерди бүтүрүүнүн үстүндө иштеп жатат.

"Ош жаңырыгы" 2003-жыл. 9-июль.

## АГАЙ ЭМГЕГИ МЕНЕН УРМАТТУУ

Мен бул макаламда өзүнүн кырк жылга жакын өмүрүн мугалимдик ардактуу кесипке арнап, талыкпай иштеп келе жаткан Оштогу айыл чарба техникумунун физика жана математика сабагынын мугалими Маматаиров Кеңеш Маматаирович жөнүндө сөз кылмакчымын. Агайдын өмүр жолуна саресеп салсак, ал алты жашка чыкканда, аталык мээримге кана элек учурунда 1941-жылы айылдык мектепте мугалим болуп иштеп жаткан атасы Маматаир Улуу Ата Мекендик согушка кетет. Эл-жерин душмандардан коргогон советтик жоокерлердин бири катары 1943-жылы каза болуп, согуштан кайтпай калган. Апасы кайнаган эмгек талаасында иштеп жүрүп, 1956-жылы дүйнөдөн кайтат.

Кичинекейинен бар-жокко, ак-карага көзү жетип, ар кандай кыйынчылыктарга чыдай билген балага айылдагы Пятилетка толук эмес орто мектебинин мугалимдери, азыркы учурда ардактуу эс алууда жүрүшкөн Насыр Осмонов, Кудайберди Мамытов, маркум Абжапар Айтназаров көп жолу акыл-насааттарын, кеп-кеңештерин беришет. Мугалимдер тарабынан балдарга көп эле акыл сөздөр айтылат. Аны кабыл алганы алат, албаганы өз билгенин жасайт эмеспи. Эмнегедир Кеңеш агай аталган мугалимдер аттарын атаганда ал кишилерге болгон зор урматтоо сезимдерин жашыра алган жок. Аларды ыраазы болуу менен алкап жатты...

Агай Кара-Суу районуна караштуу Пушкин атындагы орто мектепти бүткөндөн кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине тапшырып, аны ийгиликтүү аяктайт. Эмгек жолун Кара-Суу районундагы Токтогул атындагы орто мектепте иштөө менен баштайт. Алыскы райондорго жогорку билимдүү мугалимдер жетишпегендигине байланыштуу 1958-

жылы облустук элге билим берүү бөлүмүнүн жолдомосу менен Өзгөн районана келет. Ал жерде адегенде Кызыл-Октябрь меткебинде мугалим, кийин Макаренко атындагы мектебинде директор болуп иштейт.

Техникумда иштеген отуз үч жыл убакыттын ичинде ал өзүнүн талапчылдыгы, студенттер менен тил табышып, ар кандай учурларда чечкиндүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турат. Партия өкүм сүрүп турган учурда агай техникумдагы партиялык уюмдун катчысы болуп иштейт. Агайдын техникумундагы жамаат үчүн, окуучулар үчүн жасаган иштерин кесиптештери Ирина Андреевна Ольховская, Н.И.Побединская сыяктуулар жылуу маанайда эске алышып, кеп кылышат.

Агай ар кандай шартта бир сүйлөп, жыйынтыктуу иштi талап кылат. Ушул мүнөзү жаш педагогдорго үлгү болорлук деп айтсак болот.

Жүргөн-турганы элпек, али карылыкка моюн суна элек Кеңеш агай ушул айдын акырында 60 жашка толот. Анын кырк жылга жакынын балдар менен иштөө, төрт уул,үч кызды татыктуу инсандардан кылып турбиялап-өстүрүү, талыкпаган эмгекчил адамдын гана колунан келе турган иш.

... Мына, өтүп бараткан жылдын декабрь айындагы күндүн ызгаардуу суугу бети-колду аймалап, кыш өз күчүндө. Кеңеш агай ак тон жамынган жер бетиндеги апапакай карларды кычырата басып, кере-кере дем алып, бүгүнкү иш-пландары тууралуу ойлонуп бара жатты...

Макаланын аягында Оштогу айыл чарба техникумунун тарбиялык иштери боюнча директорунун орун басары Маматаиров Кеңеш Маматаировичке чың ден соолук, узун өмүр, иштерине албан ийгиликтерди каалайбыз. Ошондой эле 60 жылдык торколуу тою кут болсун демекчибиз.

(“Ош жаңырыгы” 1995-ж. 10-декабрь)

## АЛКООГО ЭЭ

Мейли, айдалбай турган жерлерди өздөштүрүүгө киришкен механизаторбу, илим тармагына жаңылык киргизген илимпозбу, өз билимин жаш муундарга берүүдөн талыкпаган мугалимби, кыштын ызгаарына чыдаган малчы, чабанбы, адам өмүрүнө өмүр улаган өмүр сакчыларыбы, айтор, ичинен ак ниети менен өз ишине белсенип, берилип иштеген адам гана өз кесибинин “мыкты устаты” деген наамга татыктуу боло алат эмеспи.

Элибизде ар кандай кесип ардактуу деген сөз төгүн жерден айтылбаган чыгар. Андыктан, азыркы өнүккөн социалисттик коомубузда адам өз эмгеги менен кадыр-барктуу. Бүгүн мына ошондой мыкты устаттардын бири – жыйырма бир жылдан бери малярдык кесипте тынбай эмгектенип келе жаткан Зиганшина Салима Давлиевна жөнүндө баян этүүнү туура таптым.

Ал 1964-жылдын орто ченинде шаарыбыздагы ремонттоо конторасына жумушчу-маляр болуп орношот. Ал мезгилде РСУнун начальниги Павел Прокопович эле. Ал жаңыдан ишке киргендерге жардам көрсөтүп, малярдык кесиптин түйшүктүү сырларын түшүндүрөт. Бирок, ошого карабастан Салима Давлиевна менен кирген бир нече аялдар, “аял үчүн ылайыксыз иш экен” деген шылтоолор менен малярдык кесиптен кол үзүшкөн. Аларды көрсө Салима эже эмне кылсам, мен да аларчылап башка жумуш караштырсамбы, - деген ойго да барып көрдү. Бирок, өзүнүн сүйгөн кесибин таштай албады.

Ал эмгектенген бул ишканада Сухорокова Нина, Владимир Кузмич, Мехамедзанова Марзия, Разиева

Хонапаларга кандай гана иш бөлүнүп берилбесин, талаптагыдай аткарышып, алкоого ээ болуп келишүүдө.

Алар 1971-жылы Кыргызстандын түндүгүндө болгон, 1979-жылы Өзбектандын Исфана жергесиндеги жер титирөөдө жабыр тарткан мектеп, ишканаларды ондоп-түзөтүүгө өздөрүнүн демилгелүүлүктөрүн көрсөтүп, жардам колдорун сунушкан. Шаарыбыздагы калк жашоочу квартиралар, ооруканалар, поликлиника, мамлекеттик банк, мектептер, балдар бакчаларын ремонттоодо да бул эмгек эпкиндүүлөрүбүздүн колдору тийген.

1980-жылдан бери шаардык советтин депутаты катары өзүнө берилген иштерди абийирдүүлүк менен аткарууда. Эл ишенимине арзыган жумушчу маляр эмгек сапарында дайыма өзүн алдыңкы жумушчу катары алып жүрүүгө аракеттенип, изденүү менен эмгектенүүдө.

Үстүбүздөгү жылдын 7-мартында "Эмгек ветераны" деген ардактуу наам жана баалуу сыйлык, салтанаттуу түрдө тапшырылды. Бул ийгиликтер мага чек эмес, мындан ары да колумдан келишинче эл үчүн кызмат кыла беремин, - дейт кичи пейил маляр аял.

Жүзүнөн эмгекчилдиги байкалган, сырдуу кийимчен бул аялды көргөндө эмнегедир таланттуу акыныбыз Алыкул Осмоновдун:

*Маляр келди,*
*Бир чоң үйдү майлады.*
*Кабак түйгөн,*
*Капалыкты айдады.*
*Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен,*
*Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы,* - деген ыр саптары көз алдыма келет.

Мына азыр да Салима Давлиевнаны иш үстүндө

учураттык, ал өз ишине кумардануу менен көңүл коюп, берилүү менен иштеп жатты.

Ага мындан аркы эмгек сапарыңыз байсалдуу болсун деген каалоо менен кайттык.

(Кара-Суу райондук "Эмгек майданы" газетасы, 1989-ж.)

## МЕН КӨРГӨН КОММЕРЦИЯ

Акыркы он жылдыкта турмушубузда "коммерция" деген түшүнүк бекем орноп калды. "Коммерция" дегенде тез аранын ичинде эле, катар-катар там сатып алып, алтын, күмүшкө оронуп калган замандаштарыбызды элестетебиз. Коммерсанттар жөнүндө аңыз кептер, "имиш-имиштер" ансайын бүйүрүбүздү кызытып, жомоктогудай көз ачып жумганча байлыкка жетүүнүн бул жолу ар бирибизди азгырбай койбойт. ушундай башка кембагал турмуштан өйдөлөөнүүнүн башка жолун көрбөсөк эмне кылалы? Чындыгында үй-жайын, бала-чакасын таштап, айлап-жылдап талаалап жүрүп акча табуу муктаждыгы бир гана экономикалык жактан начар үй-бүлөлөрдү мажбурлайт экен.

Орустун даанышман жазуучу Н.Т.Чернышевский "Табият аялдарга зор жөндөмдүүлүктү, ийкемдүүлүктү бергендигин айтып, ал жөндөмдүүлүк, ийкемдүүлүк басылып тепселбай, коом үчүн пайдаланса, анда коом он эсеге алга жылган болоор эле" деп өкүнгөн экен. Аялзаты жок эле

дегенде өзүнө табият тартуулаган мидетин аткарып, балдарынын камкор энеси, өмүрлүк жубайынын сүймөнчүгү,үйдүн куту болуп үйдө олтуруунун өзү рахат эмеспи.

Оомал-төкмөл заманыбыздын ыргагына жараша,үй-бүлөдөгү турмуш-шарттын талабына баш ийип, өз үйүң, өлөң төшөгүңдөй, бала-чакаңдай, тууган-уругуңдан алыс жаңы кесипти нөлдөн баштаган көйгөйлүү күндөр аялдын назик табиятына таптакыр карама-каршы экендигин өз башымдан өткөрүп ынандым. Төрт баламды багып, билим берүүдө жыйырма жылдан бери иштеп келе жаткан мугалимдик кесибимди таштап, Алма-Ата шаарына коммерцияга аттандым. Товар ташып, алыс сапарларда тынымсыз күндөп, түндөп жүрүүнүн өзү эле адам баласынын жашоо режиминин бузулушуна алып келет. Адамдын өмүрүндөгү эң таттуу болгон уйкудан кечүү, ач калуу, чарчап-чаалыгуу сыяктуу оор турмушту аялзаты жаратылыш берген ийкемдүүлүгү, чыдамкайлыгы менен көтөрүүгө аргасыз болот.

"Туулган жердин топурагы алтын" дегендей, өз жеринде көргөн кыйынчылык кыйынчылык эмес экен. Анткени, өз өлкөңдүн атуулу катары конституциялык укугуң бар. Чет жерде кыргыздардын турмушу кор болду. Жергиликтүү эл коммерсанттарды жакшы көрүшпөйт. Ырыскысын талашып, жерин булгап жатканыбыздай жаман мамиле кылышат. Кичинекей эле шылтоо болсо, түрмөгө алып барып камашат. Бул кызбы же аялбы, ага карабайт. Казакстандын кээ бир түрмөлөрүндө эркек менен аялдардын дааратканасы бир экен. Ушул тагдырга туш болгон жаш кыздар кантет?

Коммерсанттар жашаган батирлердин шарттары деле жок. Бир бөлмөдө төрт-бештен адам жашайт. Ар бирөөсү

күнүнө 32 сом төлөйт. Базарга жакыныраак жерлердеги батирлер андан кымбат. Кыргызстандан баргандардын паспорту, убактылуу катталуусу болсо деле полиция кызматкерлери 1000, 2000, 3000, 5000ге чейинге тенге сурашат. Жакында Алма-Атада коммерсанттарды кыйсыпыр түшүргөн рейд жүрдү. Шаарды тазалайбыз" деген шылтоо менен полиция кызматкерлери күн сайын атайын автобуста жүздөгөн кыргыздарды Бишкекти көздөй мажбурлап жөнөтүп жатышты. Өз жерибизде турмуш жакшы болсо, чет өлкөгө барып иштейт белек?

Ал эми коммерцияда акча өзүнөн-өзү асмандан жаап турбайт экен. Мында да аялдардын жекече иштөө ыкмасы, эс-акылы, ой-жүгүртүүсү жана базар турмушунун психологиясына ыңгайлана билүүсү чоң роль ойнойт. Коммерцияда чыдамкайлык жана сабырдуулук менен гана акча жасоого болот. Белин бекем бууп, кыйынчылыктарга тике карап, ар-намысын туу тутуп, бирди экиге урунуштуруп, бала-чакасын багып жаткан кыргыз аялдарын Казакстандын, Россиянын шаарларында учуратканымда, мен да алардын бири болсом да, бир чети сыймыктанып, бир чети аядым. Талаада жүргөн аялдардын баары эле күрөп-күрөп акча таап жаткан жери жок. Алардын арасында банкрот болуп, бир тыйын акчасы жок, өз жерине кайтып кете албай жүргөндөр да көп.

А. аттуу кыргыз кызы өзүнүн колунда акча жок, ар кимден процентке акча ала бериптир. Азын-оолак товарын сатуудан түшкөн пайдасы процентти төлөөгө жетпейт. Андан сырткары жашаган батирине, оокат-ашка акча керек. Ошентип, ар кимден куугунтук жеп, бир шаардан экинчи шаарга качып жүргөнүн көрдүм. Ал эми Ж. аттуу аял тогуз жашар баласы экөө барыптыр. Күнүгө манты жасашып, базарды кыдырып сатышат. Ошондон тапкан акча менен бойго жеткен кызын

ОшТУда контракт төлөп беш жыл бою окутту.

Мындай түмөн түйшүктүү, түркүн тагдырлар менен алыста кор болуп жүргөн мекендештерибиз 15–20 миңден ашса керек. Айрыкча табиятынан назик, алсыз жаралган аял киши үчүн коммерциянын өтө оордугун айткым келет. "Кайсыл элдин жүдөө болсо зайыбы, ошол элдин эркегинин айыбы" деп эң таасын айткан экен бир акылман. Эгерде эр жигиттерибиз жүүнү боштук кылып үйдө бекер олтурушпаса, балдарын багыш үчүн аялдар коммерцияга аттанышаар беле? Кудай энчилеген бир үйдүн куту болор аялдык, энелик милдетибизди аткарып, жылуу үйдө балдарын тарбиялап, күйөөбүздүн үстү-башын карап да отурууну ар бир аял каалабай койбосо керек. Сөзүмдүн акырында коммерция майданында жүрүшкөн бардык аялзатты гүл жыттуу 8-март Аялдардын эл аралык майрамы менен куттуктайм.

("Ош жаңырыгы" 2004-ж. 5-март.)

# Массалык маалымат беттериндеги Чыныкан Нурдинова жөнүндө жазылган макалалар

## ЖАҢЫРАТ ЖАШТЫК ҮНҮ ТАЛААЛАРДА

Ош областынын пахта өндүрүүчү райондорунун эң ирилеринин бири – В.И.Лениндин ысымын жогорку сыймык менен алып жүргөн Ленин районунун эмгекчилери быйылкы жылы мамлекетке 72 миң тонна "ак алтын" өткөрүшмөкчү.

Мына ошол жогорку түшүмдүн мол өндүрүлүшүнө өз салымдарын кайраткерлик менен кошуп жатышкан СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттеринин демилгелүү эмгектери жөнүндө.

*Чыныкан жөнүндө*

### Ак шоокум

Ал күнкү кирсиз асмандан төгүлгөн сансыз жылдыздар суюла баштап, чыгыштан күн шоокуму көтөрүлүп келаткан. Таң шоокуму менен кошо турган Чыныкан жүзүн агып жаткан сууга чайып, пахта талаасын көздөй басты. Ал пахтанын ушунчалык бажырая ачылганын көрүп ого бетер толкунданды. Ак була анын элпек колдорунан жеңил гана алынып, этегине түшүп жатты.

Бул күн Чыныкан үчүн алгачкы эмгектик арышы эле. Ал чымыркана иштеп, бүт дитин теримге жумшады. Курбулары пахта аянтына эми гана келгенде, ал эчак эле эки этек пахта толтуруп,үчүнчүсүнө аракеттенип жаткан. Кызык ушул жерден башталбадыбы. Пахта башында кыздардын алдында келген Чыныкандын эки курдаш кыздары ага бир чети таарыныч менен, бир чети курбусунун ушунчалык эртелеп пахта аянтында жүргөнүнө кубаныша:

- Охо, биздин каныша, өзүң эле ударник болоюн деген экенсиң да.

Чыныкан аларга күлө багып карап койду да, ишин уланта берди.

- Сага окшогон канышага курсташ болгон таалайыма ыраазымын. Сенин көлөкөңдө жүрсөк, алдыңкы теримчилерден болобуз, - Ширин менен Шекер чымчыкей сөздөрүн жылдырышты.

Ал аларга күлө:

- Жаныңар барбы, пахта терем деп келген соң, эртелеп тергиле да. Өзүңөр деле"түштүккө тезирээк барсак экен. Пахта тергенди аябай сагындык" деп кыздарга айтып жатпадыңар беле?

Ощентип, пахта талаасында эртелеп жаштардын кызуу кыймылы башталды. Алиги кыздар этектерин эми гана толтурушуп, картанын башына төгүшкөнү келе жатышканда, Чыныкан эки этек пахтаны дагы төккөн эле. Муну байкаган кыздардын арасынан бирөө:

- Мобуну карасаңчы ай, тим эле тоо кылып үйүп коюптур. Күнү-түнү иштесек да Чыныканга тең келбейбиз го, - деди. Ал ысык-көлдүк кыз Соня Азаркулова эле.

Күн адеп аркан бою, анан төбөгө көтөрүлүп баратты. Талаа бетинде кызуу кыймыл сүрүп жатты. Ошол аймактан ыр созолонуп, күз күүлөрүнө шык кошот. Алардын бүгүнкү эмгек ритми эмнегедин шаңдуу. Өстүрүлгөн пахтадан мол түшүм жыйнап алуу колхоз эмгекчилеринин гана милдети болбостон, жардамга келген студент-жаштардын да максаты. Мекенге 200 миң тонна "ак алтын" милдети кимди болсун ойлондурбай койбой турган учур. Кызуу кыймыл кырманда да күч алган.

Чак түш болду. Таразанын жанында кезек күткөн студенттердин тобу. Негедир көңүлдөрү шат."Тиги кимдики,

бул кимдики" деген кызуу сөздөр. Телешкадан түшүрүп жаткан үч чоң түйүндү көрсөтүп, экинчи курстун жетекчиси Шералы Жапаров мындай дейт:

- Бизде Махбуба Айдаровадан, Роза Айдаркуловадан көп терген Чыныкан Нурдинова болду го. Ушул үч түйүн тең ушунуку...

**Тамагыңар таттуу болсун**

"Ак алтын" тоордой үйүлгөн чоң кырман. Анда жаштардын бири-бирине болгон диалогдору кадимки экзамен учурундай кызыктуу да... Ошентип, бири-биринин дараметтеринин, түшкө чейинки эмгек бааларын бир топко гана ортого салышып, кубаныч менен куттукташат. Кырман аянтында ушул сөздөр, ушундай кубанычтар.

Аңгыча атайын бекитилип берилген машина менен ысык тамак алынып келинет. Топ жыйын бир азга чайпала түштү. Машинанын борттору ачылып, бир тарабынан тарелка, кружкалар берилип, экинчи жагынан ысык тамак куюлуп,үчүнчү жагынан нан чай таратылып жатты. Ашпозчу кыздар Гүлүйпа Осмоналиева, Анар Асыпбаева жана Замира Токтогулованын кыймылдары ыкчам да, ийкемдүү да. Алардын колдорунан жасалган даамдуу тамакка баары ыраазы. Кезекте турушкандардын катары көбөйө берди. Ашпозчулардын бешенелеринен тер чыбырчыктап, шаштылары кетет.

Аңгыча тараза тараптан этектерин кабат-кабат ороп, Чыныкан чыга келди. Өңүндө деле эмгекке болгон ышкысы артып, кайраттуулук билингенсийт. Жүрүшү ыкчам.

- Ой, Чыныкан келе жатат. Канча болду экен ээ, - дешип беркилер өз ара сөз кылышты. Деги канча тердиң?

- 90 килограмм, - деп жылмайып койду.

- О-у-у ошончону... – Кыйкырып жибериШти тургандар.

- Кел Чыныкан, чогулушта айтылгандай, эмгек алдыңкыларына кезексиз таразага тургандай эле, кезексиз тамак берилет эмеспи, - деп тамашалады Гүлүйпа.

Узунунан кеткен талаа станындагы олтургучка каз катар тизилишкен студенттер... Ичип бүткөндөрү жаңы келген газета-журналдарды окушуп, талаш-тартышка өтүштү. Көбүнчө алардын талашы областтар аралык мелдеш менен өздөрү эмгектенип жатышкан райондун планы болду. Эгерде күн дайыма ачык болсо, тез эле план толооруна, атүгүл милдеттенмеден ашык орундаларын кеп кылышат. Акыры алардын маеги учурдагы эл аралык темага чейин жетти. Чилидеги козголоңчуларга чоң айып артышып, ал жөнүндө көпкө кеп кылышты.

**Бүгүн ким алдыда?**

Жардамга келген студенттердин жатчу жайынын маңдайындагы тактайга ушинтип жазылып коюлган. Анын бетине бүгүн алгачкы цифралар бажырайды. Башталышында ар бир студенттин терген пахталарынын өлчөмү. Анда Чыныкан Нурдинованын тушунда – 162 килограмм, Махбуба Айдарованыкы – 122 килограмм. Дагы башкаларды да жазылган. Анын этек жагында группалар аралык жыйынтык коюлган. Эң алды өздөрүнүн, анан алдыңкы теримчилердикине назар салышат студенттер. Аз теришкендери ичтеринен кейишип, алдыңкыларга жетүү үчүн өзүнө-өзү милдет коюшкансып, курбуларын уялыңкы карашат.

Ушул күнү филология факультети боюнча экинчи курстунун “а” группасы мөрөйдө алдыда экенин көрсөттү. Штабдын билдирүүсүнө ылайык, бул курс башка курстарга караганда алда канча алдыда экендиги айгинеленди. Атүгүл факультеттер арасында да булар жогорку жетишкендиктерге жетише алышты.

Ленинчил жаш газетасы 1974-жыл.

## Сыймыгым - кыргыз тил

Кыргыз Республикасынын агрардык академиясынын Оштогу айыл чарба техникумунун кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутуучусу Чыныкан Нурдинова менен болгон маекти сиздерге сунуш кылмакчыбыз. Айрыкча тил маселеси боюнча Ошто жакшы иштерди жүргүзүп, жаштарды тарбиялап жаткан ак ниет, намыскөй эжелерибиздин бири.

**-Чыныкан эже, Сиз облустук, республикалык басма сөздөргө ар түрдүү багыттагы макалаларды көп эле жазып жүрөсүз. Журналисттик кесипке кызыгасыз го?**

-Туура айттың, журналисттик кесипке бала кезимден кызыкчумун. Алгачкы макалам 4-класста окуп жүргөнүмдө «Кыргызстан пионери» гезитине чыккан болчу. Аны окуп алып, аябай кубанганым дале эсимде. Окууну бүтүп, Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшыргам. Адегенде бизди «Журналистика бөлүмүнө кабыл алындыңар» деп айтышкан. Кийин баарыбыз тең эле кыргыз тили жана адабияты бөлүмүндө окуп калдык. Көрсө, ошол учурда университеттин жетекчилери журналистика бөлүмүн ачууга аракет жасашып, бирок, кандайдыр бир себептерге байланыштуу ачылбай калып, кийинки жылы гана атайын бөлүм болуп уюшулбадыбы. Ошентип, журналист деген дипломго эмес, кыргыз тили жана адабияты мугалими деген дипломго ээ болгонбуз.

Кийин турмуш - шарт дегендей, Ошко келдим. Мугалимдик кесип башталды. Бара-бара балдар менен иштешүү мага жагып калды. “Бул дүйнөдө эң таза ким”? десе,

мен балдар деп жооп беремин. Алардын ушунчалык сүттөй ак дүйнөсү менен аралашып жүрүүнүн өзү мага бакыт сыяктуу сезилет. Ошентип журналисттик кесипке «Ана кетем, мына кетем» - деп жүрүп арадан бир топ мезгил өтүп кетти. Азыркы иштеп жаткан жерим Ош айыл чарба техникуму. Студенттер менен иштешүү да мен үчүн рахат.

**-Сиз айрыкча тил маселесин көбүрөөк жазып жүрөсүз?**

-Тил мыйзамы чыккандан кийин аны турмушка ырааттуу ашыруу баарыбыздын милдетибиз. Айрыкча кыргыз тилинен балдарга сабак берип жатып, анан кантип тил маселесин колдобой коем? Иштеген жерлеримде кыргыз тили кааналарын колумдан келишинче уюштурдум. Тил маселеси боюнча мыйзамдын чыгышын балдарга, башка окуу жайларындагы жолугушууларда эл арасында мүмкүнчүлүгүмдүн болушунча түшүндүрүүгө аракеттендим. Бир нече жолу областтык теле берүүдөн тил маселеси боюнча чыгып сүйлөдүм. Техникумдагы «Талапкер» адабий ийримин жетектейм. Анын мүчөлөрүн да ушул багытта дурус пайдаландык. «Билим» дубал гезитинин редакторумун. Ага студенттердин да тил боюнча баалуу пикирлерин үзгүлтүксүз жарыялап, техникумда тил боюнча студенттер арасында иш чараларды өткөрүп турабыз. Жеңүүчүлөр кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланат. Бул маселеге техникумдун директору, педагогика илимдеринин кандидаты С.Аматов да колдоосун көрсөтүп келүүдө. Корутундулап айтканда, тил маселелерин акылдуулук менен чечүүбүз керек. Бирок аны турмушка ашыруу үчүн биринчи иретте жер-жерлердеги бийлик ээлери кызыгууга тийиш. Ансыз болбойт, иш алдыга

жылбайт. Мисалы, биз техникумдун деңгээлинде педагогика илимдеринин кандидаты С. Аматов экөөбүз орто окуу жайларында кыргыз тилинин программасын иштеп чыгып, окуу куралдарын түзүүнүн үстүндө иштеп жатабыз.

А.Чындыков,
(«Ош жаңырыгы», 2000-жыл. 10-май.)

# Мазмуну

## *Ырлар*

Мээнетим .......... 3
Эй, адамзат! .......... 4
Баяман, о кагылайын Баяман .......... 5
Ыр өмүрүң калат ыр саптарыңда .......... 7
Калайыкка жүрөгүн арнаган бар .......... 8
Ата-эне жана бала .......... 9
Ден соолук .......... 10
Базар, базар .......... 11
Сүйөмүн төрт мезгилди .......... 12
Сүрөттөгү досторум .......... 13
Бейиш төрү .......... 14
Нооруз майрам .......... 15
Кең дүйнө .......... 16
Карыя сөзү .......... 17
Ош шаары .......... 18
Сулайман тоо .......... 19
Келер бир күн барчылык .......... 20
Жар тандоо оңой эмес .......... 21
Өксүп жатты .......... 22
Өкүнүч бар ал кыздын жүрөгүндө .......... 23
Суктанам .......... 24
Клиенттерим .......... 25
Жигит көрдүм кырктарга чамалаган .......... 26
Электерден эленип .......... 27
Сиңдим Чолпонайым .......... 28
Базардагы сулуу кыз .......... 29
Кыз Сайкалдай Азада эже .......... 30
Шакиртим Замирбекке .......... 31

Рахат айым ........................................................................ 32
Кайратына таң калам ........................................................ 33
Обончум ............................................................................ 34
Атакем менин сугатчы ...................................................... 35
Жазды көрбөй ................................................................... 36
Мүрзөдөгү апакемдин эстелигине .................................... 37
Апаке өзүңдү эстейм ......................................................... 38
Кеттиң сен ......................................................................... 39
Агам Акжолго ................................................................... 40
Ак халатчан Гүлсайра ...................................................... 41
Гүлбайра менин сиңдим комузчу кыз ............................ 42
Дарыгер-депутат досума .................................................. 43
Залкарбек небереме ......................................................... 44
Кийинки муундарга болсун сабак .................................. 45
Курсташыма ...................................................................... 46
Эжекем кыргыз тилчи ..................................................... 47
Балдарыма ........................................................................ 48
Балдарымды коммерцияга үйрөтпөдүм ......................... 49
Заманыбыз кандай болуп баратат ................................... 50
Күндөр, күгндөр ............................................................... 51
Камкор ата ........................................................................ 52
Жайлоодо ......................................................................... 53
Мугалим ........................................................................... 54
Мекеним ........................................................................... 55
Кыргыз жерим .................................................................. 56
Ыйыу жер ......................................................................... 57

*Сүйүү лирикалары*

Наристе сезимдер ............................................................. 58
Жаштыгым ........................................................................ 59
Алгачкы сүйүүм чырмап алган ........................................ 60
Жаштык экен .................................................................... 61

Студенттик күндөрдө ........................................ 62
Бөлүндүк неге жаным, аттиң арман ........................................ 63
Кулагыма угулуп туруп алды ........................................ 64
Жүрөгүмдө жүргөндүгүн жашыра албайм ........................................ 65
Аппак кар ........................................ 66
Максатыбыз ........................................ 67
Кайдасың ........................................ 68

***Ангемелер***

Жол боюндагы көк тунуке үй ........................................ 65
Сүйүүнүн күчү ........................................ 72
Жазыксыз наристелер ........................................ 76
Турмуш улана берет тура ........................................ 79
Жылмайып тосуп алсаң болобу ........................................ 81
Алар мага ак лимузин менен келишет (Этюд) ........................................ 83

***Массалык маалымат беттериндеги жарык көргөн макалалары***

Сыймык ........................................ 85
Жеңил колдуу дабагер ........................................ 88
Өз ара тажрыйба алмашылып турулса ........................................ 89
Мамлекеттик тил үчүн күйүп-бышып ........................................ 94
Депутат жөнүндө сөз ........................................ 98
Агай эмгеги менен урматтуу ........................................ 102
Алкоого ээ ........................................ 104
Мен көргөн коерция ........................................ 106

***Массалык маалымат беттериндеги Чыныкан Нурдинова жөнүндө жазылган макалалар***

Жаңырат жаштык үнү талаааларда ........................................ 110
Сыймыгым - кыргыз тил ........................................ 114
Мазмуну ........................................ 105

*Чыныкан Нурдинова*

# *СЕЗИМДЕГИ ОЙЛОР*

***Башкы редактору: Жыпар Акунова***
***Тех. редактору Бекмаматов Чынгыз***
***Компьютердик калыпка түшүргөн***
***жана мукабасын жасаган: Айдаров Урустам Усенович.***

Терүүгө 20.09.2014 – жылы берилди.
Басууга 25.10.2014 – жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х86 $^{1}/_{16}$. Нускасы 500
Көлөмү 7 басма табак. Офсеттик ыкма менен басылды.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А.Мамыров көчөсү, 86/г
Эл.почта: kagaz_resurstary@bk.ru
Тел: (3222) 4-69-16



## *Чыныкан Нурдинова*

***Жалал - Абад облусунун Сузак районуна караштуу Кара - Дарыя айылында туулган. Мектепте окуп жүргөндө райондук «Пахтачы», облустук «Ленин жолу», республикалык «Кыргызстан пионери», «Ленинчил жаш», «Мугалимдер газеталарына» ар түрдүү темадагы макалаларды жазып жүргөн.***

***1972-1977-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетин бүтүргөн. Эл агартуунун мыктысы. Билим берүүдөгү үзүрлүү эмгектери үчүн Кара - Суу райондук жана Ош шаардык мэриясынын «Ардак Грамоталары» менен сыйланган. Үй бүлөлүү, үч уулду, бир кызды тарбиялап өстүрүүдө.***

